И97

Кумаркан
ИШЕНАЛИЕВА

# Чаң баспаган чачыла



Кумаркан
ИШЕНАЛИЕВА

# Чаң баспаган чачыла



УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 97

И 97 **Ишеналиева К.**

**Чаң баспаган чачыла.** Ырлар. – Б.: Улуу Тоолор, 2021. – 180 б.

ISBN 978-9967-29-395-3

"Эл ичи – өнөр кенчи". Канчалаган таланттуу адамдар эл ичинде ак эмгеги менен жашап, эмгектенип, уул-кызын эрезеге жеткирип, өмүр көчүн улашып, жай турмуш кечирип келишет. Ишеналиева Кумаркан эжекебиз да мына ушундай Жараткан ыроологон талантын, ырга деген ышкысын аздектеп, жылаажындай ыр саптарын көздүн карегиндей сактап, кагазга түшүрүп келиптир. Ырларынын негизги мазмунун – жашоо, өмүр, балалык, ата-эне, бир туугандар жана адамдарды бул жарыкчылыктын кадырын билүүгө үндөө, жакшылыкка чакыруу түзөт. Авторго мындан аркы чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз.

Китеп ыр сүйүүчүлөргө жана жалпы окурмандарга арналат.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-29-395-3

© Ишеналиева К., 2021

# БАШ СӨЗ ОРДУНА

**Жашоонун өзүндөй жөнөкөй,**
**бирок ажайып ырлар....**

Ишеналиева Кумаркан эжебиз сен, мен сыяктуу эле эл ичинде ак эмгеги менен күн көрүп, маданият тармагынын бир бучкагын чоюп, аны менен катар 2 уул, 2 кызды чоңойтуп, үйлөп-жайлап турмуштан ордуларын табуусуна жолдошу экөө жан аябай түйшөлүп келишиптир. Күнүмдүк жашоо ансыз да өтө берет, бирок... Мына ушул кадимки жашоодо да көкүрөгүндө көрөңгөсү бар адамдын жанына жай бербей, тынчын алган сезимдер болот тура. Ал сезим — тунук поэзия. Ал — ыр ышкысы. Мына ушул керемет сезим, мына ушул ажайып ышкы Кумаркан эжени да кыйнап келатканына мына, алтышымынчы жылдын жүзү болуптур. Кээ бирлерчилеп жазып, жазып ыргытып отко жакпай, ал ырларын кагаз бетине түшүрүп, аздектеп сактап келиптир. Мунусу — автордун ырга деген сый-урматы, ызааты деп билсек болот. Ырларында туулган жер, ата-эне, бир туугандар, тунук махабат, курбу-курдаштар, өмүрдүн кымбаттыгы, эл ичиндеги жакшы адамдарга деген сый-урмат темасы басымдуулук кылат. Ырларга мүнөздүү нерсе — автор экиленип, уйкаш кубалабайт, жүрөгүн толкунданткан

же түпөйүл кылган ойлорду кагаз бетине кыйналбай эркин түшүрөт. Ыр автордун мүнөзүн чагылдырат эмеспи. Анысы кандай, эженин ырларынан мен сабырдуу, токтоо адамды, барга көппөгөн, жокко чөкпөгөн асыл адамды көрдүм...

Эмесе, калган сөздүн кезегин ырларга берели. Ага баа бериш — окурмандын колунда. Биз болсо, авторго мындан аркы ийгиликтерди каалап калабыз.

**Осмонова Назгүл,**
акын жана журналист,
КР "Маданиятынын мыктысы"

# ОКУРМАНГА

Окурманым, бул китепти колго алып,
Окуп көргүн ар бир бетин барактап.
Ким жазды деп, кандай экен деп турсаң,
Айтып берем ырга кошуп жамактап.

***

Мен жөнөкөй эрке кыргыз кызымын,
Көрбөй жүрүп, кумар болуп балага.
Чыканактай, бели бүкүр бир киши,
Союз маалда жашап жүргөн арада.

***

Атам, энем элдин болчу адамы,
Жан тынбаган чабармандык жумушу.
Энем болсо заңгыраган кеңсени,
Жууп-тазалап, отун жагып туруучу.

***

Далай жылдар зар болушуп балага,
Мен кубанткам, келип жарык дүйнөгө.
Кумаркан деп атым коюп ырымдап,
Менден кийин төрт уул келди сүйөргө.

***

Жетине албай, бизди багып чоңойтуп,
Бир туугандар жерден боорду алганда.
Чын дүйнөгө кете берген ата-энем,
Мээнет артып, Сары эжеме жалганда.

***

Жоготуунун тарттым далай азабын,
21 жаш гүлдөп турган маалында.
Ырысбегим келбес жакка жөнөдү,
Кайгы артып бир туугандын баарына.

***

Калганыбыз келатабыз кыбырап,
Өмүр болсо өтүп жатат зымырап.
Жетим жүргөн бала кезди кайдадыр,
Өктөм мезгил кучагына кымырат.

***

Атам байкуш жалгыз кызын окуткан,
Токмоктогу агартуу окуу жайынан.
Иштеп жүрүп, салым кошком элиме,
Клуб башчы, маданият жагынан.

***

Чачырады союз тарап ыдырап,
Клуб кеткен таландыга айланып.
Балдар менен үйдө отуруп калгамын,
Көр оокатка, турмуш шартка байланып.

***

Өмүрлөшүм, классташым Сулайман,
Бирге жашап, түтүнүбүз булаган.
Төрт баланы тарбиялап чоңойтуп,
Ата наркын тукумдары улаган.

***

Эми гана чай ичээрде ээрчишип,
Келбес жакка капилеттен жөнөгөн.
Кайгы басып, кара кийип ыйлагам,
Сыздап калган, апакеси төрөгөн.

***

Өттү турмуш, далай кырды ашырып,
Бир кубантып, бирде ыйлап басылып.
Кыздар узап, келин келди удаалаш,
Тойду берип, береке ашып чачылып.

***

Кечиргиле, окурманым, суранам,
Каалаcаңыз ырларымды окуңуз.
Супсак болсо, тузун кошуп, даамдуулап,
Сынынды айтып, салымыңыз кошуңуз.

# ЧОҢ АПАМ ЖЭЭРИНДИГЕ

Оо, ал кездей керемет жок эле ай,
Кайран гана жан биргем, чоң энем ай.
Өзүң менен жүргөн кез эч капарсыз,
Ушунчалык курсагым ток эле ай.

Эртең менен көз ачып, кол сунчу элем,
Момпосуйдан уучума толтурчу элең.
Кийимимди кургатып жылуу мешке,
Маңдайымда жалынып отурчу элең.

Керемет ай, тамагың, керемет ай,
Эч ким андай тамакты бере элек ай.
Көмөч нанга каймактан шыбап туруп,
Оозго салып шекерден себелеп ай.

Бурай кармап этегиң айылга ээрчип,
Бир карыш да артыңдан калчу эмесмин.
Кандай гана жумушка жумшасаң да,
Өзүң карап турбасаң барчу эмесмин.

## ЧОҢ АПАМДЫН ШЫРДАГЫ

Отуз жыл мурда мага арнап энем жасаган,
Шырдагы жатат төрүмдө күнү бүгүндөй.
Чоң энем сөөгү шалдырап небак жок болгон,
Элеси гана көзүмдө турат күлүңдөй.

Эмне үчүн адам бат эле соолуп жок болот,
Жасаган жансыз буюмча болбойт турбайбы?!
Колунун канча тырмагы кетти экен деп,
Жүрөктө турат жоготкон сени муң-кайгы.

## ЧОҢ АПАМДЫН ЖОМОГУ

Эшитип үнүн эстейм чоң энемдин,
Эңсеймин жомок айткан жылуу түнүн.
Чоң эне болгом эчак неберөге,
Эринбей айтып жатам мен да бүгүн.

Ак жоолугу бар эле үлпүлдөгөн,
Күлгөндө үн чыгарбай бүлкүлдөгөн.
Жомогу башталганда энекемдин,
Кичинекей жүрөгүм түрсүлдөгөн.

Жомогу бүтпөчү эле, күндө жаңы,
Кыйнасам сынбасын деп бала шагы.
Чаалыгып турса дагы билгизбестен,
Күнүгө жомок айтчу дагы жаңы.

# АТА-ЭНЕМ

Айтаарга сөз таба албай мен силерге,
Арманым – муктаж болуп өзүңөргө.
Ар убак элесиңер жашап келет,
Акым жок жүрөгүмдөн өчүрүүгө.

Айта албай жакшы сөздү тирүүңөрдө,
Ак көйнөк алып бербей кийүүңөргө.
Аттиң деп, арман кайнайт жүрөгүмдө,
Эчен жыл муктаж болуп сүйүүңөргө.

Аска-зоом, таянар тоом, сен атакем,
Аябай эрке кылып бактың эле.
Көп жылы бала көрбөй, зарлап жүрүп,
Таңда-кеч тилеп жүрүп таптың эле.

Апакем, ак сүтүңдү актай албай,
Айткан кеп, акылыңды сактай албай.
Алдыргам шум ажалдын чеңгелине,
Ал кезде жаштыгымдан, барктай албай.

Ата-эне балдар үчүн башат деген,
Силерди эстеп, ыйлап жашап келем.
Көөдөндө кусалыгым батпай жүрөт,
Көргө баш киргичекти азап чегем.

# КУБАТ АЛАМ

Бозоргон боз дөбөлөр жатат мында,
Боолголоп барып турам ар бир жылда.
Жымжырттык өкүм сүрүп, ичим бышат,
Төгүлүп жүрөгүмдө каткан сыр да.

Төрөбөй, наристе үнүн көп жыл укпай,
Кудайдан тилеп жүрүп бизди көргөн.
Аттиң ай, бирөөбүздүн чайды ичпей,
Экөө тең жапжаш бойдон эрте кеткен.

Эне жок, ата жоктун күнү курсун,
Кемийсиң, жаның сыздап жабыр тартып.
Алардын ата-энеси жок деп айтса,
Жүрөктү ачуу чындык сабыркатып.

Боз торгой уя салган дөбөлөрдө,
Бозала болуп жатат бир топ адам.
Боорлошуп болгон сырды төгүп алып,
Бозоргон топурактан кубат алам.

# АТАКЕМЕ

Арманы ичине катылып,
Айта албай эч кимге батынып.
Айласыз тагдырга баш ийип,
Атакем өтүптүр шашылып.

Жараткан жалгызга жар болуп,
Баланын үнүнө зар болуп.
Жашы өтүп калганда бир күнү,
Жарыкка келипмин бар болуп.

Кудуңдап кубанып сүйүнүп,
Сүйүнчү! Тутүнгө түрүлүп.
Келгендей жашоого жаңыдан,
Сезиптир бардыгын тирүүлүк.

Кумарын балага арттырып,
Колумдан жетелеп бастырып.
Калтырган изимди өпчү экен,
Кубанып кудуңдап каткырып.

Айтканым айткандай аткарып,
Атамды койчу экем “башкарып”.
Артымдан төрт эркек келгенде,
Сүйүнүп ыйлаптыр апкаарып.

Чекеден маңдай тер төгүлүп,
Чоңоюп көзүнө көрүнүп.
Ысык чай ичээрде аттиң ай,
Элинен кетиптир бөлүнүп.

Чиедей жаш калдык сабылып,
Ата-эне мээримин сагынып.
Сары эжем билгизбей чоңойткон,
Атадай, энедей жалынып.

## ЖАРКЫН МЕНЕН НАЗГҮЛГӨ

Ыр жазганга берип мага таланттан,
Ак баракты чиймелетип караткан.
Чексиз шүгүр, ыраазымын Кудайга,
Мунун баарын насип кылган Жараткан.

Боорукерлик кыз балада көп экен,
Байкап койдум жасап жаткан ишинен.
Кошуналык акысынан кутулуп,
Убада кылган аткарам деп ичинен.

Жазган ырым тизип барак бетине,
Рахмат Жаркын, ар бир кылган ишиңе.
Калбасын деп жазган ырлар катылып,
Жетсе экен деп ыр сыйлаган кишиге.

Алыс жерде Ата журтун сагынып,
Мээрим кызга ойдогу иши табылып.
Кайрымдуулук ишин жасап чын дилден,
Кирешеңер кирип турсун агылып.

Атын уктум, бирок өзүн көрбөдүм,
Түйшүктөнүп убактыңды бөлгөнүң.

Назгүл кызга ыраазылык билдирем,
Көп болсо экен иштеп турчу өрнөгүң.

Көп адамдын көрсөм экен колунан,
Жакшылардын түзсө экен деп тобунан.
Баарыңарга чоң ийгилик каалаймын,
Ойлогондой чыкса ырларым оңунан.

Жакшылардын катарында болгула,
Ак тилекти кабыл алып койгула.
Жараткандын жакшылыгын бүт тилейм,
Ден соолукта аман-эсен болгула.

# МЭЭРИМГЕ

*(Китептин демөөрчүсү)*

Сагындыңбы айылыңдын ак таңын,
Сагындыңбы апаң берген ак нанын?
Сагындыңбы саамайыңдан сылаган,
Жалбырагын атаң тиккен бактардын?

Сагындыңбы мектебиңдин жолдорун,
Сагындыңбы апакеңдин колдорун?
Сары майдай сактап жүргөн өзүңө,
Жакшы тилек, жүрөктөгү ойлорун.

Алыс жерде билип баркын жакындын,
Сагындың го жерде жаткан ташыңды.
Сагынганда окуп коюп жүрсүн деп,
Ушул ырым ӨЗҮҢӨ арнап жазылды.

# БҮГҮН ДА СЕНИ ЭСТЕДИМ...

Жаз келген сайын жан кейип сени эстеймин,
Санаалар учуп, түбүнө эч бир жетпеймин.
Жазга окшоп жапжаш бүчүрлөп турган кезиңде,
Кол сунган ажал – өзүңдү гана жектеймин!

Жаңы эле жазда 21 жашка караган,
Жакшы адам болмок эл үчүн ишке жараган.
Жалындап турган кезиңде жалп деп соолудуң,
Жүрөктү эзип кеттиң го биздин арадан.

Убакыт өттү, жүрөктөн бирок кетпедиң,
Ойлогон ойго айла жок өзүң жетпедиң.
Жаз келди минтип, кайрадан бүчүр байланып,
Арада жоксуң, бүгүн да сени эстедим.

# АЛИМАН ЭЖЕКЕМЕ

*(Сары кыз деп аташкан атамдын жалгыз эжеси)*

Жетим жүрүп жетилгенбиз баарыбыз,
Бар экен го дагы биздин багыбыз.
Атакемдин бир тууганы бар эле,
Оруска окшош, чүтүрөйгөн Сары кыз.

Жетим деген бир да сөздү угузбай,
Жууп отурчу кирпикке кир жугузбай.
Атакемдин жалгыз Сары эжеси,
Баккан бизди жылтылдатып кундуздай.

Эмгегиң көп, кантип актайм биле албай,
Кейитчү элем, көбүнчө мен тил албай.
Өкүнүчтө өмүр бою жүрөмүн,
Көзүң барда башымды бир ийе албай.

# АТА-ЭНЕ МЭЭРИМИ

Жетим десе жүрөгүмө муз тоңуп,
Санаа тартып, сүйлөй албай бук болуп.
Эркелеген бала көрсөм энеге,
Эрибеген ичте турчу туз болуп.

Энекеңдин теңтуштары жолукса,
Эркелетип бетиңден өөп коюшса.
Ээ боло албай эки көздүн жашына,
Эдиреңдеп калаар элек болушса.

Тагдыр жазган жетим болуп чоңойдук,
Турчу баары, кем болбодук тамактан.
Жалгыз гана ата-эненин мээрими,
Жүрөгүңдү өмүр бою саматкан.

# ӨКҮНҮЧ

Уйкум качып чабалактайм таң атпай,
Ойлор келет небак эски жоголгон.
Ушул кезди көрсө ата-энем сүйүнмөк,
Эрке кызы кандай болуп оңолгон.

Далай ашуу, кырды басып жешилип,
Далай ыйлап, баткакка окшоп эзилип.
Эми гана турмуш татаал экенин,
Түшүндүм го көп убакыт кечигип.

Жакындардын билбей баркын-кадырын,
Жоготкондо бармак тиштеп өкүнөм.
Тилин албай Сары эжемди буй кылып,
Чубурчу эле жаштар мөлт-мөлт көзүнөн.

Кечир, кечир көп күнөөмдү, эжеке!
Көрсө, сенде болгон тура береке.
Өзүң багып, бизди киши кылыпсың,
Билгизбестен жогун атам, энекем.

Уктай албай көз умачтай ачылып,
Ойлор келет чалды-куйду чачылып.
Жоготуунун тартып далай азабын,
Чындыгында жүрүптүрбүз басынып.

# ЖҮРСӨҢ ЭГЕР

Энең жакшы киши эле деп айтышса,
Жүрөк жылып жакшы ой келет сезимге.
Кадыр-баркың билбей жүргөн экенмин,
Чалчактаган кайран эрке кезимде.

Аттиң, аттиң, азыр жүрсөң сен эгер,
Жакшы сөздү арнап турбайт белем мен.
Татынакай кемпир болмок экенсиң,
Толук эмес, узун эмес, кедейген.

# ТҮШҮМ ЭКЕН

Эңсеген балалыгым,
Эсимден кетпей жүрөт.
Эски там мен чоңойгон,
Негедир түшкө кирет.

Бактылуу балалыгым,
Байкалбай өтүп кеткен.
Мээрими чоң энемдин,
Үрөнүн бекем сепкен.

Түшүмө кирди баары,
Кыпкызыл көңкө наны.
Чыр кылып дагы жүрөм,
Алып бер деп кийим жаңы.

Дагы эле тилимди алып,
Байкушум апам жүрөт.
Баарысы сеники деп,
Атакем карап күлөт.

Ойгонсом түшүм экен,
Ойлонуп көпкө жаттым.
Эх, чиркин, ошол мүнөт,
Билинбей кайда качтың?!

# ЖАЙЛООДОГУ БАЛАЛЫК

Карагайлар асман тиреп,
Канча жылды багынткан.
Карап туруп эске түштү,
Балалыгым сагынткан.

Атам айдап аппак коюн,
Кыялардан бастырган.
Эрбелеңдеп жардам берип,
Чыбык минип ат кылгам.

Ошол тоолор, ошол кыя,
Дале турат тиктесем.
Атам, апам балалыгым,
Таппай койдум издесем.

Мен терген гүл дале өсүптүр,
Жыты аңкыды мурдума.
Мен чогулткан таштар жатат,
Окшоп эски курбума.

Энем байкуш эки ийнине,
Суу ташуучу эринбей.
Сайлар жатат суусу толо,
Бирок, энем көрүнбөй.

Чоң апамдын жомоктору,
Узун эле бүтпөгөн.
Угуп жатып уктачу элем,
Сөз барктоого түптөгөн.

Беш-Мойногум, келдим бүгүн,
Өзүң менен сырдашып.
Бардык, бардык жакшы күндөр,
Кеткен тура кырды ашып.

## ТҮШҮП КАЛДЫМ ЖЕМЕГЕ

Анда жапжаш солкулдаган чыбыктай,
Эл көзүнө көрүнчү элем сылыктай.
Бизди баккан байкуш Сары эжеме,
Көрсөтчү элем не бир шумдук кылыкты, ай.

Жалынчу эле саптап бер деп темене,
Тилин албай кабылчу элем жемеге.
Аа байкушум, тайраңдайсың эркелеп,
Келээр дечү, бул күн сага эми эле.

Келди мына айтканындай эми эле,
Саптай албай калчу болдум темене.
Так ошондо небереден "тил" угуп,
Түшүп калдым эжем уккан жемеге.

# ЭСКЕРҮҮ

Жоготуунун далай тарткам азабын,
Мүрзөлөргө барып боюм таштагам.
Көз жашымды көлдөй төгүп турсам да,
Мелтирешип сырын эч бир ачпаган.

Ата-энемди жоготкондо жаш экем,
Баасын, баркын анча билбей жүрүпмүн.
Бир тууганым жоготконум ойлосом,
Түшүп кетем түпкүрүнө күйүттүн.

Жакшы айтып, колдоп турчу эл тура,
Бир тууганың арка-жөлөк бел тура.
Сабырдуулук жеңет экен акыры,
Жараткандын керемети кең тура.

Той-топурда “аттиң” дейсиң эскерип,
Тирүү болсо көрбөйт беле буларды.
Алар үчүн жалгыз гана жакшылык,
Окуп турсам, тынбай гана куранды.

# ЖАҢЫ-ЖЕРИМ

Жалпысынан Жаңы-Жер деп аталат,
Жайлоо укмуш, далай-далай мал батат.
Жылаңайлак шибериңди аралап,
Жаш-карысы буккан черин жаза алат.

Бала чагым калган тура өзүңдө,
Беш-Мойноктун ойночу элем төшүндө.
Балалыктын балдай таттуу ирмемин,
Эч убакта көкүрөктөн өчүрбө.

Жаңы-Жерим – жайлоом, бүтпөс дастаным,
Мен улгайдым, азыр андан башкамын.
Бирок, дале ыйык сезе беремин,
Карагайың, топурагың, таштарың.

# ШЕРАЛЫ БАЙКЕМЕ

Бир туугандык сезим дүргүп башыма,
Калемимди колума алдым шашыла.
Көптөн бери ойлоп жүргөн ойлорум,
Чыккан турат жүрөгүмдөн атыла.

Райборбордо жашап, иштеп жүрчү эле,
Сымыктанып, эки агасы сүйчү эле.
Ырасыраак бир нерсеси болгондо,
Берели деп, бекем катып, түйчү эле.

Бирөө баккан, бирөө менен уялаш,
Экөөнө тең эң аярлуу жан эле.
Анда-санда барып калсак үйүнө,
Жалгыз эле байкем байкуш бар эле.

Жеңем болсо күндөп-түндөп иштечү,
Аял болуп, ийнелеп иш тикпечү.
Ашканадан тамактанып жеңебиз,
Байкем жалгыз тамак деле ичпечү.

Биз барганда, газга коюп көк чайнек,
Өзү акырын чай кайнатып келчү эле.
Узатарда жол боюнда дүкөндөн,
Таттуу токоч, коржик сатып берчү эле.

Барып калсак, кайра ылдам кетчүбүз,
Аман болуп, жашай берсин дечүбүз.
Барганыбыз жакпай “өкмөт” жеңеме,
Байкебиздин “мээсин жээрин” сезчүбүз.

Аттиң, бирок, биз күткөндөй болбоду,
Ажал чиркин! Байкемди да койбоду.
Бата алып, эл-журтунан бапырап,
Алтымышка, жетимишке толбоду.

Тамың турат, көп сыр катып ичине,
Көргөн сайын, карап өтөм тигиле.
Тирүү жүрсөң дале бара бермекпиз,
Жеңекемдин тийип коюп жинине.

Анда-санда түшкө кирет негедир,
Куран окуп, эстеп коём байкемди.
Ушул ырым сизге койгон эстелик,
Сиз өткөн маал. Дагы ошентип жай келди.

# ЭСКЕ ТҮШТҮ ЭСКИ КҮНДӨР КАЙРЫЛБАС

Элестетем жылуу, жумшак уяны,
Шыйпыры жок, жер там эле турагы.
Көп үйлөрдү салыштырып карасам,
Жарык болчу күйүп турган чырагы.

Короо-жайы таза жана чоң болчу,
Нан бышырчу бир көңкөсү бар болчу.
Кере карыш кыпкызыл нан бышырып,
Кечке чейин айланасы шаң болчу.

Таң эртеден, чака-чака сүт берген,
Кашка сары уйлары да бар эле.
Каймактатып мискейлерге чогултуп,
Май куюшчу, чөбөгөсү жаңы эле.

Төркү үйүнүн төр жагында тагылган,
Алкактарга иреттелип салынган.
Эрте өткөн уулу менен кызынын,
Сүрөттөрүн карап алып жалынган.

Эркек мүнөз, баары келген колунан,
Эмне иш кылса чыгуучу эле оңунан.
Чүйтү апамды эстеп коём унутпай,
Таппай калып кемпирлердин тобунан.

# ӨМҮРЛҮК ЖАРЫМ СҮКЕМЕ

Сен мага күндөй элесиң,
Жылуулук, мээрим төгөсүң.
Келебиз бирге ээрчишип,
Турмуштун ашып белесин.

Мен үчүн суудай тунуксуң,
Баарынан бийик, улуксуң.
Жаман жагым жашырган,
Асманда аппак булутсуң.

Сен мага бийик тоодойсуң,
Ар дайым мени колдойсуң.
Иш түшчү болсо башыма,
Жалгыз сен гана колдойсуң.

Көтөрүп турган жердейсиң,
Мен үчүн аалам кеңдейсиң.
Канча "жаман" болсом да,
Эч кимге мени бербейсиң.

# СЕРГИДИМ

Көңүлдө каткан сырлар,
Көлкүлдөп аккан жатат.
Көйкөлгөн көк шиберлер,
Бугумду уккан жатат.

Көөдөнүм жашка толуп,
Мөлтүлдөп аккан жатат.
Мелжиген көк тоолорум,
Сырымды уккан жатат.

Жоготуу жаман тура,
Башымдан өткөргөмүн.
Сукемди жоготкондо,
Аябай бөксөргөмүн.

Жүрөктө сырларымды,
Шар аккан сууга айттым.
Турмушум мындан ары,
Туптунук суудай аксын.

# ОШОЛ КӨКТӨМ ЭСИМДЕ

Сүттөй аппак нурун төккөн көктөгү ай,
Бир керемет ошол жаздын көктөмү ай.
Жүрөк зырп деп эске түшөт дайыма,
Эң биринчи сүйгөнүмдүн өпкөнү ай.

Эки бетим ысып-күйүп албырып,
Сөздөрүң ай, жүрөккө от жандырып.
Жаңы гана сезим келген дүйнөмө,
Сүйүү деген дүрбөлөңдү салдырып.

Баары сонун, жапжаш болчу бизге окшоп,
Байчечекей бажырайып ачылып.
Ошол көктөм эстен кетпейт дагы эле,
Жаштык менен кайда кеттиң жашынып?

## КАРЕГИМДЕН ЖАШ ТАМАР

Сен экөөбүз сүйгөн жаз келди мына,
Суйсалып, дарак байлап бүчүрүн.
Сумсайып сени жоктоп жалгыздыктан,
Сыдырым соккон желден үшүдүм.

Сен экөөбүз жакшы көрүп сүйгөндөй,
Сулуу жазды тосуп алар башкалар.
Сүттөй аппак айды тиктеп ойлонуп,
Сени жоктоп, карегимден жаш тамар.

## БИЗДИ БӨЛГӨНДӨ

Атам бизди бөлгөндө,
Ыйман, ырыс тилеген.
Ошол бойдон кете элек,
Ырыскыдан ирегем.

Атам бизди бөлгөндө,
Акыл-насаат кеп айткан.
Ак эмгектен иш кылып,
Ак жүргүлө деп айткан.

Атам берген ыйманды,
Эч нерсеге алмашпайм.
Ынтымагын бапестеп,
Душманыма карматпайм.

# АПАМ БИЗДИ БӨЛГӨНДӨ

Чоң дасторкон жайнаткан.
Чоң үй, чоң аш болсун деп,
Чоң казанды кайнаткан.

Ошол бойдон үйүмдө,
Чоң дасторкон жайылат.
Чоң казанда эт кайнап,
Берекелер агылат.

# ТҮШҮМӨ КИРДИҢ

Түшүмө кирдиң, жаныма келбей алыстап,
Түпкүрүн ойдун өзүңө алдым багыштап.
Түбү жок санаа оролуп алып жиби жок,
Томсоруп карайм, бир күч бар сени сагынтар.

Алдыңдан чыгып, жаныңа жетип бирарда,
Артынды салдың, колуңдан кармап аларда.
Айбыгып турдум, айталбай сөзүм жоголуп,
Арга жок менде, өзүңдү издеп табарга.

Көп болду, эбак түшүмө кирбей калгансың,
Көр оокат өзү кишендеп мени салгансың.
Түш болсо деле сөзүңдү уксам эмне деп,
Көөнүмдө турган, түгөнбөс менде армансың.

# АПАКЕМ ТОСУП АЛЫП УЗАТАРЫМ

Көз жашымды төгүп алып мөндүрдөй,
Көөдөнүмдө ашып-ташып сагыныч.
Көп жыл өттү, келбес сапар кеткенсиң,
Кыйын го дейм, сендей бизге табылыш.

Апакем ай, эмгегиңди актаарда,
Төргө өткөрүп, баалап эми барктаарда.
Капысынан ажал келип тез эле,
Жетишпедик бир өзүңдү сактаарга.

Колдон келген зыйнатыңды жасадык,
Айлабыз жок, бир өзүңсүз жашадык.
Күлүп турган эстелигиң орнотуп,
Бейишиңди тилеп, атың атадык.

Айлыбызга анда-санда каттадык,
Сен бар кездей бир да күндү таппадык.
Кимге айтамын жүрөктөгү сырымды,
Ичке катып, эч адамга айтпадык.

Келе жатып, жалт карадым дөң жакты,
Күлүмсүрөп тосуп турат күмбөзүң.
Күбүрөнүп куран окуйм ичимден,
Бейиш багың жашыл болуп бүрдөсүн.

Кетээрде да узатасың жылмайып,
Жүргүлө деп, аман болуп баарыңар.
Жакшы адамдар болсоңор мен өлбөсмүн,
Элге-журтка керек болуп, таанымал.

## КЕЙИТТИМ ЭЛЕ, КЕЧИРЧИ?

Эсимде... Эрке кыз элем чалчаңдаган,
Эненин эмгектерин барк албаган.
Эси жок кызың кылган күнөөлөрдү,
Кечиргин, ичте сырды айта албаган.

Эси жок, эрке кызың көп кейитти,
Энеден, жаратканым да кемитти.
Элесиң өмүр бою көз алдымда,
Эш тутуп, өзүң жаткан көп бейитти.

Көзүмдөн жаштар кулап буурчактаган,
Көп жолу бейитиңди кучактагам.
Кыя албай кылчак-кылчак карап турган,
Күч болчу коё бербей тузактаган.

Күн батып, уясына кирген кезде,
Күмбөздөр көрүнчү эле сүрдүү, муңдуу.
Көп адам жаткан тура энеме окшоп,
Көңүлдө далай ойлор уюп турду.

Эненин эмгектерин билбей калган,
Эси жок, кызыңдын көп арманы бар.

Жараткан дагы өзүңө шүгүр кылам,
Артында куран окуур балдары бар.

Кейитип, көп санаага салдым эле,
Кечиргин, күнөөлөрүм арбын эле.
Ушул ырды жазууга белди байлап,
Бүгүн мен бейитиңе бардым эле...

## КЕЧИР, АПА!

Жүрөгүмдү кыйнап турат ушул дартым,
Тирүүңдө билбептирмин кадыр-баркың.
Чоң энем баккан үчүн артым салып,
Мамиле кылуучу элем кээде салкын.

"Апаке" деп тирүүңдө айта албадым,
Торкун деп, атыңды айтып, чалчаңдадым.
Ошондо да эркелетип турар элең,
Төгүлүп, бир да жолу чайпалбадың.

Көрсөтүп нечен кыял, "өнөрүмдү",
Билбепмин, минтип эрте кетээриңди.
Өкүнүп, бекер кылган экенмин деп,
Көз жашым мөлт-мөлт этип төгөрүмдү.

Кечирип кой, эси жок кызыңды апа,
Көп жолу кылдым эле сени капа.
Бейиштин төрүн Кудай буюрсун деп,
Жараткандан суранып, кылам бата.

# ЭНЕ БАРКЫН КЫЗ БИЛЕТ

Апасынын баркын билет кыз бала,
Турмуш куруп, тун баласын төрөсө.
Толгоо тартып, жан коёрго жер таппай,
Төрөт үйдү көздөй алгач жөнөсө.

Кайра-кайра бурап, толгоо имерип,
Ылдам эле төрөсөм деп ийишет.
Төрөт деген кандай татаал экенин,
Жана дагы эне баркын билишет.

Көп эмгекти, жаштык кезин жоготуп,
Багат сени чоңойгончо торолтуп.
Аңгыча эле убакытты карачы,
Илип кетет, ак шөкүлө оронтуп.

Анан дагы эне баркын сезесиң,
Ичиң күйүп, кызың кетсе күйөөгө.
Көздүн жашын төгүп-төгүп аласың,
Туш келсин деп, тилеп жакшы бүлөгө.

Турмуш өзү ушул тура айланган,
Бала дейбиз чимирилип кайран жан.
Балаң болсо өз баласын балам дейт,
Жашоо деген бир-бирине байланган.

# ТАПШЫРАЙЫН

Убакыт неге учат,
Күч жетпейт токтотууга.
Жашыбыз өтүп барат,
Жакындап коштошууга.

Жаштыктын календары,
Түгөнүп күндө барат.
Күн өтсө жаш өйдөлөп,
Карылык эшик кагат.

Жаштыкты тапшырайын,
Жакшына кыз-келинге.
Жакшы ыр жазайынчы,
Турганда күч-демимде.

# 60 ЖАШКА

60 жаш келсе деле жакалап,
Неберелер ээрчип жүрсө апалап.
Көөдөнүңдөн жаштык кетпей жармашып,
Далай-далай ойлор келип такалат.

Өзүбүзгө жаштай эле туюлуп,
Бирок чачтар бараткансыйт суюлуп.
Убакыттар өтүп жатат токтобой,
Жаштык качып, колдон кетти жулунуп.

Мейли кетсе, айлабыз жок кармарга,
Жаштыгыбыз өтүп жатат балдарга.
Жакшы сыйлап, чайын берсе ошо го,
Келин-уулуң барктап турса карыганда.

# ПЕЙЛИБИЗДЕН КӨРӨЛҮ

Чексиз шүгүр, Жаратканым бергенге,
Күн жаркырап, нурун чачып жергеме.
Баарыбызга тегиз тийип жылытат,
Бөлүп ийбей жакшы-жаман пендеге.

Баарыбызды тиреп турган Жер-Эне,
Текши карап, бирден-бирден иргебей.
Жаратқандын калыстыгы ушу да,
Жоомартсыңбы? Акмаксыңбы? Ким дебей.

Баарын берип, Жаратканым пендеге,
Байлык, бийлик акыл-эсти ылгабай.
Пейилиңди бир өзүңө тапшырган,
Жакшыңа да, жаманыңа карабай.

Ошон үчүн тапкын деген пейлинден,
Пейли жакшы адамдарды карачы.
Канча аракет кылса деле жарыбайт,
Пейли бузук, кээ бир адам баласы.

# ОЙЛОНОЛУ, ЭЛ-ЖУРТУМ!

Кылымдар бою салтыбыз келген сакталып,
Кадыры менен өрнөгү кошо даңкталып.
Жаштары-жаштай, карынын орду төр эле,
Өзүнүн ишин ар бири турчу аткарып.

Сакалын сылап, кебелбей айтып акылын,
Улуусу турчу көрсөтүп жолду акырын.
Атанын сөзүн, эненин кебин аткарып,
Жолдорун улап, келишчү жазбай басыгын.

Энелер наркы эң бийик болчу баарынан,
Көп милдет турчу мойнуна бекем тагылган.
Уул-кызга мыкты тарбия берип өстүргөн,
Акылдуу жана адептүү болуп багылган.

Уул-кызы укчу ата-эне айткан акылын,
Уңгулуу кыргыз улантып келген накылын.
Урматы менен ушуга чейин жеткирген,
Укмуштай элбиз, сыйлашкан алыс-жакынын.

Келиндер болчу келишкен сулуу, акылдуу,
Көбөйткөн элди, көөнөрбөс кыргыз тукумун.
Келатат калбай турмуштун салган нугунан,
Калтырбай, үзбөй аздектеп созгон учугун.

Кыздары кымбат, келишкен сулуу наз эле,
Көркөмдүү кылып көрсөткөн узун чачы эле.
Кылымга жеткен кыргыздын атын өчүрбөй,
Кыз деген бийик кол жеткис асыл зат эле.

Азырчы? Элим башкага багыт алышат,
Ар кимдин салтын, бөлөкчө ишти табышат.
Аксакал деген аталар арак ичишип,
Туура эмес сүйлөп балдардын башын чагышат.

Энелер кайда, балпайып төрдө отурган?
Пикетте жүрөт кыйкырып,үйүн карабай.
Уятты койгон акчага гана алмашып,
Жан дүйнөң ооруйт, жүрөктү эзип жаралай.

Уулдары калды кыргызча билбей тантырап,
Уугуп сезим ызадан катуу жанчылат.
Ушинтип жүрүп арада калган билинбей,
Уу ичип алган адамдай көзгө тартылат.

Келиндер сүйбөйт кайната, кайын энесин,
Кеңешмек турсун, керкейип көктү карашат.
Капырай кайда кыргыздын наркы кылымдык?
Жол таппай каңгып, адашып кетип баратат...

Кыргыздын кымбат кыздары азыр туруксуз,
Кызыгып дүйнө, акчага сатат денесин.
Кечээги эле элеттен келген жаш кыздар,
Таанымбай калган төрөгөн асыл энесин.

Кечиргин элим, кейитип койсом түз айтып,
Көрмөксөн болуп, жашырып ичке катпайлы.
Билмексен болуп, айтпасак эгер ким айтат,
Ушундай нерсе жашоодо болуп жатпайбы.

# СҮРӨТТӨГҮ ТОЛГОНУУ

Көңүлгө жакын көп сөздөр жатат жүрөктө,
Карыдык биз да, негедир тез-тез күн өтсө.
Эстесем өткөн жаштыгым азыр жомоктой,
Калыптыр ушул эзелки түшкөн сүрөттө.

Түшкөнбүз анда, жылмайып чыны көңүл ток,
Ал учур болчу, эч кимде капа-кайгы жок.
Карасам азыр далайы өтүп кетиптир,
Кээсинин билбейм, издесем азыр дайны жок.

Оо, ал кез укмуш, шатыра-шатман баары бар,
Жок болчу себеп, бирине-бири таарынар.
Ошол кез азыр келсе деп коём ичимден,
Бар экен шүгүр, силерди адам сагынар.

Кичине балдар бой жетип бүгүн чоңойгон,
Үйлөнүп азыр, өздөрү болгон ата-эне.
Кечээ эле өткөн убактай болуп турса да,
Мезгилиң мына өтүптүр минтип бат эле.

Элеси турат сүрөттө карап жылмайган,
Сүйчү элем абдан. Сен үчүн далай кыйналгам.
Кыйналсам деле билгизбей жашап жүрчү элем,
Далайды көрүп, турмушта минтип чыйралгам.

Эскирсе деле сактаармын көзүм өткүчө,
Элестер турган сүрөттү карап ойлодум.
Кайрандар турат тизилип баары катарда,
Капырай, айтчы, сүрөтчө неге болбодуң?

Азырчы? Элим башкага багыт алышат,
Ар кимдин салтын, бөлөкчө ишти табышат.
Аксакал деген аталар арак ичишип,
Туура эмес сүйлөп балдардын башын чагышат.

Энелер кайда, балпайып төрдө отурган?
Пикетте жүрөт кыйкырып,үйүн карабай.
Уятты койгон акчага гана алмашып,
Жан дүйнөң ооруйт, жүрөктү эзип жаралай.

Уулдары калды кыргызча билбей тантырап,
Уугуп сезим ызадан катуу жанчылат.
Ушинтип жүрүп арада калган билинбей,
Уу ичип алган адамдай көзгө тартылат.

Келиндер сүйбөйт кайната, кайын энесин,
Кеңешмек турсун, керкейип көктү карашат.
Капырай кайда кыргыздын наркы кылымдык?
Жол таппай каңгып, адашып кетип баратат...

Кыргыздын кымбат кыздары азыр туруксуз,
Кызыгып дүйнө, акчага сатат денесин.
Кечээги эле элеттен келген жаш кыздар,
Таанбай калган төрөгөн асыл энесин.

Кечиргин элим, кейитип койсом түз айтып,
Көрмөксөн болуп, жашырып ичке катпайлы.
Билмексен болуп, айтпасак эгер ким айтат,
Ушундай нерсе жашоодо болуп жатпайбы.

# СҮРӨТТӨГҮ ТОЛГОНУУ

Көңүлгө жакын көп сөздөр жатат жүрөктө,
Карыдык биз да, негедир тез-тез күн өтсө.
Эстесем өткөн жаштыгым азыр жомоктой,
Калыптыр ушул эзелки түшкөн сүрөттө.

Түшкөнбүз анда, жылмайып чыны көңүл ток,
Ал учур болчу, эч кимде капа-кайгы жок.
Карасам азыр далайы өтүп кетиптир,
Кээсинин билбейм, издесем азыр дайны жок.

Оо, ал кез укмуш, шатыра-шатман баары бар,
Жок болчу себеп, бирине-бири таарынар.
Ошол кез азыр келсе деп коём ичимден,
Бар экен шүгүр, силерди адам сагынар.

Кичине балдар бой жетип бүгүн чоңойгон,
Үйлөнүп азыр, өздөрү болгон ата-эне.
Кечээ эле өткөн убактай болуп турса да,
Мезгилиң мына өтүптүр минтип бат эле.

Элеси турат сүрөттө карап жылмайган,
Сүйчү элем абдан. Сен үчүн далай кыйналгам.
Кыйналсам деле билгизбей жашап жүрчү элем,
Далайды көрүп, турмушта минтип чыйралгам.

Эскирсе деле сактаармын көзүм өткүчө,
Элестер турган сүрөттү карап ойлодум.
Кайрандар турат тизилип баары катарда,
Капырай, айтчы, сүрөтчө неге болбодуң?

# КОШУП КОЁМ

Жүдөп-какап кээде үйүм чачылып,
Тың боло албай кейип турсам басынып.
Чачылса да кирип турса кошуна,
Анда калат көңүлдөрүм ачылып.

Элим үчүн пейилим ак дайыма,
Кирип турсун кошуналар жабыла.
Жакшы сөзүн илип алып эсиме,
Кошуп коём ырларымдын сабына.

# ОРДУМ БЕРЕМ

Мезгил учуп, өз өкүмүн жүргүзүп,
Кеткен жаштык бизден узап алыстап.
Менден дагы жакшы адам болсо деп,
Келиниме ордум берем табыштап.

Күлүп-жайнап кабыл алсын баарысын,
Кайын журтун дал өзүмдөй таанысын.
Алган жарын сыйлап турсун ар дайым,
Туугандардын бийик тутуп намысын.

## АКЧА БАРДА

Байлар ыйлайт бөксөрсө эле капчыгы,
Акча менен далай жерди чапчыды.
Акча менен келген ажал токтотуп,
Акча менен узун жашты таптыбы?

Акча жакшы адал жолдо тапса эгер,
Акча менен кээде намыс тепселээр.
Акча менен атак күтүп маңкайып,
Акча барда аты чыгып эстелээр.

## УРПАКТАРГА АЙТАЛЫ

Союз маалы жокту билбей чоңойдук,
Бардык буюм жайнап турчу сатылбай.
Окуу курал, дептер, китеп жапжаңы,
Кээ китептин калчу бети ачылбай.

Момпосуйлар, вафли, "тултук" пряник,
Аман ата дүкөнчүбүз берчү эле.
Бөлкө, балык, консервалар толтура,
Бардык нерсе жашиктелип келчү эле.

Эшигиңдин так алдына апкелип,
Алгыла деп ун таратып беришчү.
"Кара экен" деп алаканга жууруп,
Ак ун бер деп кесир кылып кейишчү.

Ана тийди ошол кесир жалпыга,
Союз кулап, нан таба албай жан чыга.
Бир кап унду бир кой берип алмашып,
Жеттик анан арпа ундун баркына.

Сууга бышкан картошканы аймадык,
Кытай спирт аны жапырт жайладык.
Ошол кезде сактаптыр чоң Кудайым,
Калар кезде баары спиртке байланып.

Анан билдик турмуш кандай экенин,
Эмне кылсам? Кандай жашап кетемин?
Деген суроо турду бардык адамда,
Сезип, туюп мезгил каардуу экенин.

Иштеп кирдик анан жалпы күжүлдөп,
Үмүт жылт деп араң турса үлүндөп.
Өзүңдү-өзүң баккын деген турмушта,
Нан таап келсең, бала-чака сүйүнмөк.

Азыр жакшы, унут калган ал кезек,
Баарыбызда жаркыраган дүнүйө.
Ар бир үйдө жеңил унаа астыңда,
Ак нан желбейт дасторкондо үйүлө.

Унутпастан урпактарга айталы,
Ушул жашоо бизге кандай келгенин.
Жаратканга миң мертебе шүгүр дейм,
Жакшы жашоо, бардык нерсе бергенин.

# ЭСКЕРҮҮ

Эски клуб. Эл жык-жыйма келчү эле,
Аскат аке кино коюп берчү эле.
Индиянын кинолорун жактырган,
Жаш-карысы түп көтөрө келчү эле.

Керемети күчтүү эле сүйүүнүн,
Индиянын киносунда тартылган.
Ыйласа ыйлап, күлсө күлүп толгонуп,
Каарманга жүрөктөрү жанчылган.

Индиянын киносунан күч алып,
Балдар жүрчү өзүн дайым түз алып.
Жакшы окуган сүйгөнүнө жакканга,
Уялышчу калган күнү "3" алып.

Эски клуб эске түштү негедир,
Бирөө үчүн жөпжөнөкөй эледир.
А мен үчүн алгач ишим баштаган,
Экинчи үйүм сезип турам негедир.

Ана тийди ошол кесир жалпыга,
Союз кулап, нан таба албай жан чыга.
Бир кап унду бир кой берип алмашып,
Жеттик анан арпа ундун баркына.

Сууга бышкан картошканы аймадык,
Кытай спирт аны жапырт жайладык.
Ошол кезде сактаптыр чоң Кудайым,
Калар кезде баары спиртке байланып.

Анан билдик турмуш кандай экенин,
Эмне кылсам? Кандай жашап кетемин?
Деген суроо турду бардык адамда,
Сезип, туюп мезгил каардуу экенин.

Иштеп кирдик анан жалпы күжүлдөп,
Үмүт жылт деп араң турса үлүңдөп.
Өзүңдү-өзүң баккын деген турмушта,
Нан таап келсең, бала-чака сүйүнмөк.

Азыр жакшы, унут калган ал кезек,
Баарыбызда жаркыраган дүнүйө.
Ар бир үйдө жеңил унаа астыңда,
Ак нан желбейт дасторкондо үйүлө.

Унутпастан урпактарга айталы,
Ушул жашоо бизге кандай келгенин.
Жаратканга миң мертебе шүгүр дейм,
Жакшы жашоо, бардык нерсе бергенин.

# ЭСКЕРҮҮ

Эски клуб. Эл жык-жыйма келчү эле,
Аскат аке кино коюп берчү эле.
Индиянын кинолорун жактырган,
Жаш-карысы түп көтөрө келчү эле.

Керемети күчтүү эле сүйүүнүн,
Индиянын киносунда тартылган.
Ыйласа ыйлап, күлсө күлүп толгонуп,
Каарманга жүрөктөрү жанчылган.

Индиянын киносунан күч алып,
Балдар жүрчү өзүн дайым түз алып.
Жакшы окуган сүйгөнүнө жакканга,
Уялышчу калган күнү "3" алып.

Эски клуб эске түштү негедир,
Бирөө үчүн жөпжөнөкөй эледир.
А мен үчүн алгач ишим баштаган,
Экинчи үйүм сезип турам негедир.

# ЭЛИМЕ АРНООМ

Элиме арнайм ырларым,
Эринбей төгөм сырларым.
Эӊкейсем дагы жазайын,
Ой-чуӊкур, бийик кырларын.

Туура эмес кетсем кай бирде,
Бетке айтып мени сындагын.
Эл колдоп турса “жазгын” деп,
Ошол да менин жыргалым.

Жакшылык каалайм баарыӊа,
Жакшы сөз өзү дары да.
Жаркырап жаштар өскүлө,
Сый-урмат берсин карыга.

# ТУТАЛАНУУ

Эч нерсе жок көкүрөктө, не кылам?
Жазгым келет ар мүнөттө жакшы ыр.
Жүрөгүмдөн миң толгонуп турсам да,
Чыкпай жатат, бул эмнеси какшыгыр.

Эмне болдум бир сап ырды жаза албай?
Эмне болдум кең ааламга бата албай?
Эмне болдум көр оокатка байланып,
Эмне болдум ыр чачыла чача албай?

Көкүрөктөн чыкпай ырым суурулуп,
Көптөн бери ыр жаза албай буулугуп.
Көптөн бери калемимди колго албай,
Жан дүйнөмдө турат ырым куурулуп.

Кууруй берип, күйүп кетип жүрбөсүн,
Кээ адамдар ырларыма күлбөсүн.
Жаратканым, татыктуу ыр жаздыргын!
Жол көрсөтүп ким окуса түндөсүн.

Туталанам тынчым кетип күймөнүп,
Кайра-кайра мен ичимден сүйлөнүп.
Бүт дилимди ырга гана буруп кой,
Келбесе экен башка ойлор сүйрөлүп.

# ЖАЗДАГЫ ТИЛЕКТЕР

Жазды эңсеп сүйбөгөн барбы адам?
Жаңыдан баарысы кайрадан.
Жайнаган көктөмгө кызыгып,
Тыңшайсың булбулду сайраган.

Алтындай чачырап нур болуп,
Күн чыгып көк асман чаңкаят.
Ала-Тоо курчаган төрт тарап,
Тоолорум өзүнчө заңкаят.

Мал төлдөп короолор ызы-чуу,
Маашыркап адамдар кубанат.
Ак эмгек жасасаң тер чачып,
Адал иш ошентип уланат.

Жаз келди жергеме жаңыдан,
Жаз жытын негедир сагынам.
Жазга окшоп жашарып калса не?!
Жашы өткөн адамдар карыган.

Жаз жыты жагымдуу аңкыган,
Жаштардын жүрөгү балкыган.
Жараткан тилекти бере көр,
Жакшылык кетпесин калкымдан.

# КЕЛДИ ЖАЗ

Күткөн жандар көп болгондур көктөмдү,
А мен болсо эске салам өткөндү.
Жамгыр жааса жандын баары кубанат,
Жакшы көрөм жамгыр мени өпкөндү.

Өпкүн жамгыр, өөп койчу бетимден,
Эске салып, өткөн жаштык кезимден.
Балалыктын балдай таттуу жаз айы,
Кетпей турат дале азыр сезимден.

Жакшы көрөт бардык жандар жаз айын,
Сиздер үчүн ыр дүйнөсүн ачайын.
Жаздай жайнап жүрөлүчү жакындар,
Ушул ырды бүгүн жаздым атайын.

# КУБАТ БОЛОТ

Ар түрдүү адамдар болот экен,
Ар башка мамилени коёт экен.
Бирөөдөн жакшы сөздү угуп турсаң,
Бирөөдөн муздап жүрөк тоңот экен.

Жакшы сөз жанга кубат болот тура,
Жаман сөз тумчуктуруп коёт тура.
Жаман сөз угуп алып капа болбой,
Жакшы сөзгө убакыт короткула.

# НЕБЕРЕЛЕР ЫЙЛАП ТУРСА...

Бул жашоо жалган тура баарыбызга,
Көрөбүз жазылганын багыбызга.
Балдарым өсүп-өнүп жогорулап,
Кейибес жашоо берсин карыбызга.

Бул дүйнө бизге берген белек экен,
Жакшынын ойлогону терең экен.
Бир тууган кайсы жерде жүрсө дагы,
Колдоого бир-бирине керек экен.

Неберең баладан да ысык экен,
Карыганда жашоо мынча кызык экен.
Кадырлап каттап турса куда-сөөгүң,
Жакшы сөз сыйың эле ушул экен.

Келин-уул "келиңиз" деп сыйлап турса,
Артында чачылганың жыйнап турса.
Жараткан берген жашты жашап өтсөң,
Ырахат го неберелер ыйлап турса.
Неберелер узаганда ыйлап турса...

## КУСАЛЫК

Көлөкөсүн көрүүгө зар болгонду,
Көздөрүңдө жаштар айтты куюлган.
Көөдөнүңдө көптөн бери кусалык,
Көкүрөктө кыттай болуп уюган.

Эски жараат көкүрөктө бар эле,
Энекемден айрылганда менин да.
Курбуларын көрүп далай ыйлагам,
Туюп турдум сагынганың сенин да.

Окшоп кетсе керек менин бир жерим,
Үстүмдөгү күрмө, тыбыт жоолугум.
Ыйлаганың көрүп алып мен дагы,
Ошол күндү эстеп бир топ оорудум.

Эх, аттиң ай, тирүүсүндө сезбейбиз,
Өткөн чакты далай жолу эстейбиз.
Канча жолу ыйласаң да буркурап,
Энекеңдин бар кезине жетпейбиз.

# ОКУРМАНЫМА

Баалай билген жазылган ырларымды,
Бар байлыгым, татына окурманым.
Бакыт тилейм ар убак өзүңөргө,
Бажырайган оо менин жакындарым.

Өзүңөргө жакканын тандагыла,
Кереги жок жерлерин албагыла.
Бирөө сени көрө албай капа кылса,
Өч алам деп жаманга барбагыла.

Жараткан баарыбыздан калыс тура,
Адамды бийик кылган намыс тура.
Эч бирөөгө жамандык каалабасаң,
Жаман нерсе өзүңдөн алыс тура.

Аман болгун алтындай окурманым,
Сага арнап ак баракты толтурайын.
Жакшы ыр деп жүрөгүңдөн окуп турсаң,
Өзүңө чын дилимден ыр сунайын.

# КАЛБАГЫН СЕН ЖЕР МУШТАП

Уктай албай туталандым түндө мен,
Жан дүйнөмө салдым окшойт дүрбөлөң.
Бай болгондор барпалаңдап жүрө албай,
Мерез болуп калат окшойт күлбөгөн.

Эси-дарты кантип акча топтоодо,
Напси тойбой ач көздүктү коштоодо.
Унут калган жакыр жүргөн кездери,
Көктү самап, оозу орок оттоодо.

Баш ичинде көп суроолор топтолуп,
Ойлор мыжыйт, быкшып күйбөй от болуп.
Кайра-кайра суроо салам өзүмө,
Боорукерлик кайда кеткен жок болуп?..

Алын сурап бир тууганга барбасам,
Айтчы деги, эмне болуп баратам?
Көр оокатың калар бир күн чачылып,
Келип калса ажал деген аласаң.

Сараң кылып санатпагын тыйынды,
Байлык менен бербе мага кыйынды.
Ажыратпа жөнөкөйлүк, ыймандан,
Ажыратпа элден көргөн сыйымды.

Түштөн кийин калбайлычы жер муштап,
Минтип койсом болмок экен деп айтып.
Тирүүлүктө сыйлашалы, кел тууган,
Кеткичекти бул жашоодон биз кайтып.

# ДЕМИЛГЕ

Көркөмдүү кыргыз жеримди,
Кытайдын каптап желими.
Басканда бут чалынат,
Жан дүйнөм катуу кейиди.

Көтөргүн элим, демилге,
Кам көрүп туулган жериңе.
Ыргытпа кытай баштыгын,
Калбасын турган жериңде.

Эсиңе ал кыргыз жараны,
Үйрөткүн уул-кыз, балаңы.
Таштабай койсок жалпылап,
Таза өлкө болуп калалы.

# ҮРКҮНГӨ 100 ЖЫЛ

Жанын багып, шорго башы малынып,
Орустардын кыйноосуна кабылып.
Ошондо да моюн бербей кыйноого,
Үркүп качып, Кытай жакка жабылып.

Кайран элим, кайда калдың чачылып,
Баш калкалап, тоо тарапка жашынып.
Алдуу-күчтүү эр азамат адамдар,
Кытай жакка кирип кеткен баш уруп.

Кайран элим! Калды сөөгү чачылып,
Зоокаларга, кыр-кырларга асылып.
Тоолор турат сыр билгизбей маңкайып,
Канча көз жаш, муң-зар, кайгы батырып.

Келечекке карабайлы бүдөмүк,
Улуу кыргыз жашап турса түбөлүк.
Өткөндөрдү унутууга жол бербе,
Ар бир кыргыз үркүндү эстеп жүрөлүк.

# КЕЧИР, БИЗДИ

Пендебиз да бул дүйнөгө бир келген,
Жаратканым сүйлөсүн деп тил берген.
Ошол тилди пайдаланып жакшыга,
Арылталы жүрөктөгү кирлерден.

Качандыр бир билбестиктин айынан,
Жаман айтып, балким көңүл калтыргам.
Кечиргиле, жеңилденип калайын,
Сурайынчы жалпы элден, калкымдан.

Убактымды жаман ишке коротуп,
Балким, балким кеп кылганмын бирөөнү.
Билип туруп, билбей туруп пенделер,
Өз башыңа үйөбүзбү күнөөнү?

Күнөө кетти, кечир бизди Жараткан,
Көрсөт күндү, аппак болуп таң аткан.
Жакшы сөздөн арнашалы кел анда,
Ансыз деле өмүр өтүп баратат.

# БИЗДИН МАЙРАМ

Биринчи май биздин майрам болуучу,
Эмгекчилер эс алсын деп коюучу.
Жакшы иштеген адамдарды сыйлашып,
Оо, ал кезде көңүлдөр да толуучу.

Ударнигин районго алып барып,
Парад болуп, даңазалап бакылдап.
Сүйүнгөндөн жакшы иштеп калышчу,
Милдеттенме аткарам деп дагы да.

А балдарга абдан сонун күн эле,
Кызыл-тазыл, жаңы кийим кийишип.
20 тыйын, 50 тыйын беришсе,
Дүкөн жакка бет алчубуз сүйүнүп.

Мен билгенден эки майрам бар эле,
Бирөө күздө, бирөө ушул май эле.
Дүкөндөрдө жайнап турган товарлар,
Ошол күнү өтүп кетчү жай эле.

Баары болчу бирдей жана жөнөкөй,
Эч бир адам мактанчу эмес төшүн чаап.
Ишти гана иштей берчү ар адам,
Ар кимиси жумушунун көзүн таап.

Бардык нерсе берекелүү болуучу,
Аз нерсеге курсак, пейил тоюучу.
Бир сом берсе, бир күн кечке майрамдап,
Жыргап-куунап, ыраазы дагы болуучу.

Куттук айтам майрамыңар кут болсун!
Ар бир үйдө бардык нерсе бүт болсун.
Жакшы тилек тилешели чын дилден,
Ниет-пейлиң бир-бириңе түз болсун.

## РАМАЗАН

Жан дүйнөң арууланып таңдан кечке,
Жакшылык алып келген пендесине.
Жаркырап кирип келди рамазан,
Сугарып аруу, таза келмесине.

Напсиңди тыюу үчүн тарбиялап,
Тамакты жасап ичкин чебер, кылдат.
Түнкүсүн намаздарды тургузалы,
Жооп берип, болгон кезде зор кыямат.

Жакшы сөз айттың беле кимге болсо?
Жетимди сыладыңбы чекесинен?
Жаратканга жооп берчү мезгил келсе,
Не деген шылтоо айтып кетесиң, ээ?!

Орозо кармаганды насип кылсын,
Жүрөктү таш боор кылбай назик кылсын.
Адалдан ырыскыны таап берип,
Жээрибизге тамак-аш азык кылсын.

Сурайлы жалкоолонуп жатып албай,
Жүрөккө көп нерсени катып албай.

Тилекти сөзсүз берет Жаратканым,
Кыйналбайсың акчага сатып албай.

## УЛУУ ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ

Жеңиш! Жеңиш! Бизге угулаар жөнөкөй,
Бирок, мында канча көз жаш, ый турат.
Канчалаган залкар кырчын жигиттер,
Өмүрлөрү өрттө калган чыркырап.

Далай адам, далай эрлер көмүлгөн,
Бизге жеңиш эң эле оңой өрүнгөн.
А бирок да учурунда далай жан,
Өксүп калган "жалп" дей түшүп өмүрдөн.

Өз эл-жерин далай жандар коргошту,
Унутпайлы окуп, угуп согушту.
Жаркыраган жазда келген Жеңиш күн,
Көп адамдын өмүр гүлүн соолутту.

Кандуу согуш кечип жаштык өткөргөн,
Карыялар барат бирден суюлуп.
Айтыңызчы деп сураса балдары,
Сүйлөп берет көздөн жашты куюлтуп.

Оо балдарым, укпагыла согуш деп,
Фашист деген өлүм тилейт, жан кечти.
Тынчтык күндө күлүп гана жүргүлө,
Көрбөгүлө биз өткөргөн ал кезди.

Жеңишти биз урматтайлы, барктайлы,
Аталардын кан кечкенин актайлы.
Жаркыраган туулган жерди түбөлүк,
Душмандардан өмүр бою сактайлы!

## ИБАДАТ КЫЛ

Ибадат кыл күндүр-түндүр кыбырап,
Кудай угат айтсаң деле шыбырап.
Ар пендеге өлүм эске келгенде,
Согуп жаткан жүрөк оозго тыгылат.

Күнөөлөрүн жууп-тазалап алсын деп,
Чын дүйнөгө аппак, таза барсын деп.
Отуз күндү берген Кудай пендеге,
Келме айтып, ырахатка кансын деп.

Өткөрбөйлү отуз күндү бекерге,
Сурак жүрсө эмне кылмак экем де.
Мүмкүнчүлүк түзүп берди Жараткан,
Күнөөнү жууп, бейиш төргө жетем де.

# АПАЛАРГА

Кыргызымдын энелери тукум улап келе жаткан,
Жүрөгүндө мээрими бар, таманында бейиши бар.
Кылымдарда кыйналса да, кыйындыктар жыйналса да,
Тоодой болгон тоскоолдукту жеңип алар жеңиши бар.

Канча белес ашуу ашкан, канча жерди коркпой баскан,
Кайраты мол кыргыз эне эмгегинен бакыт тапкан.
Келечекти тапшырганга, турмушунан жакшырганга,
Кадамдарын алга коюп, кенендикке эшик ачкан.

Жоопкерчилик, уят-намыс билебиз го артылганын,
Силер менен билип турам турмуш кандай жаркыганын.
Тукум улап кыргызымды түбөлүккө сактагыла,
Силер барда дүйнө жарык, апакелер алтындарым.

# БИЗДИ САГЫНТАТ

Жаз айы кандай тез өттү,
Өмүрдү бир жыл карытып.
Ким бирөө үчүн жаз кийин,
А балким турар сагынтып...

Келбейсиң эми бул жазым,
Убакыт өттү не бачым.
Улгайдык биз да билинбей,
Өткөн кез мына кыр ашып.

Бизге да келген он сегиз,
Жалбырттап учуп күйгөнбүз.
Ар бири сонун көрүнүп,
Жаз менен кошо сүйгөнбүз.

Жамгырдын сүйүп тамчысын,
Күндөлүк жазып барчусуң.
Күнүгө бир иш чыгарып,
Кужурмөн болуп калчусуң.

Ал күндөр кеткен алыстап,
Каякка кетти табышмак.
Он сегиз жашта керемет,
Ошол жаз бизди сагынтат.

# КАДЫР ТҮНҮМ

Миң айдан артык кылып Жаратканым,
Кадыр түн бизге белек берген экен.
Ибадат кылалычы бир туугандар,
Акыретке барганда керек экен.

Бир жылда келет экен сагындырып,
Жараткан бир өзүңө багындырып.
Жан дүйнө тазалайлы бир туугандар,
Жаратканга тизе бүгүп жалындырып.

Күнөөнү билип кылып, билбей кылып,
Жалынып, жалбаралы тилек кылып.
Сурайлы, эринбейли ушул айда,
Жаратканды ар дайым тирек кылып.

Кадыр түн бизге койнун ачса экен,
Жараткан өз мээримин чачса экен.
Сураган дубалары кабыл болуп,
Бейиште жыргап бирге бассак экен.

# ЫРЫМ СУНАЙЫН

Аткан таңдын берекеси көп болсун,
Жакшы жашоо, сүтү, майы, эт болсун.
Кечиришип улуу айды сыйлашып,
Ыйманыбыз ар убакта бек болсун.

Уул-келиндер сыйын бизге көрсөтүп,
Жакшы сөзүн арнап гана турушсун.
Улгайганда кагуу жебей карылар,
Сылык-сыпаа жылуу сөздөн угушсун.

Жакшы тилек берип турат Кудайым,
Эмне керек болсо ылдам сурагын.
Жакшылыкты бергин эли-журтума,
Ак тилектен ушул ырым сунамын.

# СУРАК БОЛОТ

Аласың эмне кылсаң Жараткандан,
Жакшыбы же жаманбы кылган ишке.
Кечиргин пендечилик кылган болсом?
Кек сактап катып албай бекем ичке.

Сыноону берет тура пендесине,
Жаманга, жакшыларга, теңдешине.
Куранды жатташ үчүн аракет кыл,
Биринчи көңүл буруп келмесине.

Көп жашка чыкса деле кээ бир пенде,
Куранды жатка билбей уят болот.
Акыретке барганда бир мезгилде,
Жаратканды алдында сурак болот.

Убакыт алып-учуп тез өтүүдө,
Рамазан айы аяктап, тез өтүүдө.
Калкала жамандыктан, оо, Жараткан,
Кыл көпүрө, суракта, чоң кечүүдө.

## ТОПУРАК БУЮРСУН

Бакытым, байлыгым ченегис,
Балдарым учумду улаарым.
Силер бар дүнүйөм бүт түгөл,
Сагынып, жалынып тураарым.

Көз өтсө бул дүйнө жалгандан,
Топурак буюрсун балдардан.
Эскерип куранын окусун,
Эринбей мүрзөмө баргандан.

## ЭКИ САП ЫР ЖАЗГАНДА

Көптөн бери ыр жаза албай камыгам,
Кечээ өткөн жаштыгымды сагынам.
Кайра-кайра ак баракты чиймелеп,
Жаратканга жакшы ыр бер деп жалынам.

Өтүп жатат күндөр мынча шатырап,
Көкүрөктө каткан ойлор чачылат.
Силер үчүн эки сап ыр жазганда,
Көңүл дагы жарк дей түшүп ачылат.

Аман болсун бала-чака, жаш-кары,
Көбөйсө экен кыргызымдын жаштары.
Жакшы сөздөн угуп турса эжеңер,
Арбын болот силерге ыр жазганы.

# КАРА КУЛПУ АЛЫНГАН

Тагдырдын жазмышына айла барбы,
Таруудай үмүттөрү майдаланды.
Тээ өткөн балалыгын жоготкондой,
Түгөнгүр, ошол кездер кайда калды?

Чоңоюп өскөн үйүн улам карап,
Чыт курсак ойноок кезин ойго салат.
Алдынан күтүп алар жакыны жок,
Чолок жаш мөлт-мөлт этип көздөн тамат.

Кусалык туулган жерин сагынганы,
Чубалган түпсүз ойго малынганы.
Жүрөгүн мыжып турат өскөн үйү,
Эч ким жок, кара кулпу салынганы.

# ЖАШАП КАЛСЫН

Ар сөздү талдай билген,
Адамды баалай билген.
Бар болсун жакшы адамдар,
Жакшылык каалай билген.

Жакшы сөз кандай сонун,
Ар дайым уккум келет.
Шыгыма шыкты кошуп,
Көкөлөп учкум келет.

Жакшы сөз арнашалы,
Ансыз да өмүр кыска.
Элимде жашап калсын,
Ырларым ар бир нуска.

## АВГУСТ ТҮНҮ

Август айдын салкын түнү сонун да,
Жумшак шамал беттен сылап эркелеп.
Жапжаш өскөн жийде бактын бутагы,
Жыты аңкып сага карай сеңселет.

Керемет түн, жумшак сулуу айлана,
Асманда ай каалгып жылат жай гана.
Жаштыгымды эстеп койдум бул ирет,
Сонун мезгил кайда калдың, кайда аа?

# КАНДАЙ БОЛМОК?

Тирүү болсо менин энекем,
Кандай жакшы болмок биз үчүн.
Карбаластап бирден жалынып,
Болмок тура менин күтүүчүм.

Катып коюп жеген таттуусун,
Чубап чыкмак балдар барганда.
Абдан жашык, момун жан эле,
Кандай болмок, азыр карыганда.

Жамалынан жаштык төгүлгөн,
Улгайгандай бизге көрүнгөн.
Элестетип коём өзүмчө,
48де элден "бөлүнгөн".

Чиедей жаш балдар кантет деп,
Эли-журту катуу кайгырган.
Жашап кеттик, жаның башка да,
Ата-энемден бирдей айрылгам.

## ЭГЕМЕН МАЙРАМ КУТ БОЛСУН!

Эл-журтум, эгемен майрам кут болсун!
Көп жакшылыктар туш болсун.
Эркиндикте чоңойсун балдарыбыз,
Бийикте көкөлөп учкан куш болсун.

Өзүбүз чуркап жүрүп шайлап алган,
Эл башчылар эл-жерин сатпаса экен.
Жакшылык, үмүт тилеп жүргөн элден,
Ой-максатын тилээрим – актаса экен.

## КҮЗ МЕЗГИЛИ

Кечээ эле көктөм жаздын таңы эле,
Кечээ эле жайдын толук шаңы эле.
Бүгүн минтип күркүрөгөн күз келип,
Учурашып турган сымал бүт элге.

Өмүр күндө кыскаргансыйт канчага,
Чөп чабылып, эгин түшүп кампага.
Дыйкан терин агызганын көргөндө,
Эч болбойсуң курсагыңдан камтама.

Күз мезгили, келгин тосуп алабыз,
Токчулукту бир өзүңдөн табабыз.
Нан жыгтанган кереметтүү өзүңдөн,
Кайрат-кубат, толтура күч алабыз.

# КҮЗГҮ БАК

Жазда бүчүр байлагансың сеңселип,
Сулуу элең жаңы чыккан теңселип.
Жаштар турган жалбырагың кармалап,
Сонун эле, эч бир жер жок сенчелик.

Бүтпөс сөздөн айтып турган түбүңдө,
Ай жапжарык нурун чачкан түнүңдө.
Ороп койгон жалбыракка экөөлөп,
Күбө болгон алгач таттуу сүйүүгө.

Жайдын толук кези, баары көгөргөн,
Жаштык сонун сүйүүлөргө бөлөнгөн.
Кыялданган жаштар турчу түбүңдө,
Тирек кылып асман тиктеп жөлөнгөн.

Азыр болсо чалып сары жалбырак,
Тиктеп турдум ойго батып жалдырап.
Убакыттын учкулдугун карачы,
Жаштары жок, турат жалгыз аңгырап.

# ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим – эгиз мага жолдошум,
Болбойлучу өз тилиңе тоңдоосун.
Кайда жүрсөм ак ниеттен билдирээр,
Эне тилим өмүр бою колдоочум.

Эне тилим – эне сүттөн келгенсиң,
Бул ааламды ачып мага бергенсиң.
Өзүң менен сыймыктанам ар убак,
Тилим менен кылым жашап келгенмин.

# КАДЫРМАН КАРЫЛАРЫМ

Калдайган караанoccы зор карыларым,
Көкүрөктө сыр сактаар дарыларым.
Кайда жүрсөм аздектеп өзүңөрдү,
Кайрат-кубат, күч алып сагынарым.

Карааныңар аска-бел баарыбызга,
Жакшы сөздү арнайлы сүйүндүрүп.
Жаман айтып кай бирде кагып-силкип,
Жүрөктөрүн албайлы бүлүндүрүп.

Алыстап жолобосун бизге жаман,
Айылдын көркү болуп жүргүлө аман.
Чоңойткон уул-кыздын чайын ичип,
Кут болсун жаркыраган ушул заман.

## БАЛДАРЫМА АК ТИЛЕК

Кут болсун билим майрамың,
Кубанып өскүн балдарым.
Курулуп кенен келечек,
Бийиктей берсин байрагың.

Даңгыр жол болсун алдыда,
Силерде үмүт-тилек көп.
Эл-жериң аман бар болуп,
Учкула асман тиреп көк.

## КҮЗГҮ НӨШӨР

Күзгү жамгыр төгүп өттү,
Кайгы, чаңдан тазалап.
Карап турам тамчыларын,
Куюп турду чакалап.

Кандай сонун тамчылары,
Тосуп алдым кол сунуп.
Жууп кетчи ичте кекти,
Жакшы ойлорду толтуруп.

Күзгү нөшөр, күзгү нөшөр,
Күткөндөр бар сагынып.
Көп эргүүнү алдым сенден,
Жакшы ырлар табылып.

# МУГАЛИМ ЭЖЕ-АГАЙГА

Кесиптердин төрөсү,
Багында өскөн мөмөсү.
Ардактуу эже-агайдын,
Бийикке тийсин төбөсү.

Көп ойго батып чубалган,
Жакшы деп укса кубанган.
Жанындай көрүп балдарын,
Өмүрүн кошо суранган.

Асылзат агай-эжелер,
Табалбай сөздү теңелээр.
Ойлосом өзүң экенсиң,
Экинчи ата-энелер.

Жаркырап аман жүргүлө,
Жакшы сөз угуп күлгүлө.
Жараткан берсин ден соолук,
Узакка өмүр сүргүлө.

# 7-НОЯБРЬ

Ата-энебиз бир сом берсе бул күнү,
Шашкалактап дүкөн жакка барчу элек.
Көптөн бери өтпөй турган консерва,
Жана дагы бир топ таттуу алчу элек.

Чын жүрөктөн куттук айтып бул күнү,
Узак эле күндөрүбүз ал кезде.
Беш тыйындык открытка артына,
Тартып койчу элек анда гүлдесте.

Алмашпаган алтынга да ал күндөр,
Ачык асман, сонун-сонун адамдар.
Эх, аттиң ай, азыр андай жок күндөр,
Анын көбү дөңгө кеткен кайрандар...

Тирүүчүлүк өзү майрам эми азыр,
Жакындарга жакшы сөздөн арнайлы.
Бул күн дагы жомок болор бир күнү,
Бир кездерде аны таппай калбайлы.

# ЖЫЛЫП БАРАМ

Жаратканым, өзүңө турам баш уруп,
Ыр жазгым келди төгүлүп бүгүн чачылып.
Түпкүрдө жаткан сөздөрдүн гүлүн чыгарчы,
Бук болбой кайнап алайын бир аз ачылып.

Эмнеге минтип убакыт учат токтобой,
Жакшы иш жасап алганча кетет агылып.
Жүрөктө кекти эритип ийчи топтобой,
Кечээги күндү отурам эми сагынып.

Буулугуп турам буурулун көрүп чачымдын,
Бактылуу жаштык кездерим кайда жашындың?
Белести ашып, белинен өтүп өмүрдүн,
Жөн эле жүрүп күндөрдү билбей качырдым.

Кеттиңби жаштык, кылчайып мени карабай,
Көзүмө жакшы көрүнөт ошол тарап, ай.
Келинге бердим артымда калган жаштыкты,
Карылык сага күн сайын жылып барам, ай.

# САЛЫШТЫРУУ

Баягыдай көчө толо балдар жок,
Кыз көрбөдүм ойноп жүргөн секирип.
Баарысынын колдорунда телефон,
Үйдөн чыкпай отурушат бекинип.

Бир-бирине көңүл деле бурушпай,
Эрте уктап, эрте деле турушпай.
Сүйлөп жатсаң сени карап түшүнбөй,
Көңүл деле коюп сөзүң угушпай.

Кичинекей кездеринде балдарым,
Бозала чаң, кубалашып ойночу.
Баары текши жөпжөнөкөй чоңойгон,
Бир-бирине эч ким таштап койбочу.

Салыштырып өткөн кезди негедир,
Ойлоп-ойлоп ушунчалык таң калдым.
Бирин-бири тааныса экен, капырай,
Келечеги кенен болуп балдардын.

# КААЛОО

Жакшы күндөр көп болсо экен бүтпөгөн,
Туугандардан мамилени үзбөгөн.
Кубанычтуу кабарларды угузуп,
Ойдо жокто биз билбеген, күтпөгөн.

Тынч жашоону насип кылгын Жаратkан,
Жол тапса экен кай бир жолдон адашкан.
Наристени көп-көп бергин бирөөгө,
Бала жытын эңсегенге саматкан.

Элим болсун, эл ичинде биз болуп,
Көңүлдөрү бир-бирине түз болуп.
Эшикте суук, а үйлөрдө жай болсун,
Берекелер агып турган кез болуп.

# КЫШТЫН ТАҢЫ

Кызыгып айланага суктанамын,
Кыш таңы кычыраган аяз коштоп.
Абадан кере-кере жутуп алдым,
Жакшы ыр жазыш үчүн күчтү топтоп.

Таптаза жан дүйнөдөн ыр чыгарып,
Аппак кар бут алдында кычыраган.
Күн сайын болбойт тура ушундай кез,
Теребел сыйкырдуудай учураган.

Аппак кар аруулаган жан дүйнөмдү,
Пейлибиз бир-бирине түптүз болсун.
Элиме жакшылыктар ар учурда,
Түгөнбөй келе берип, бүтпөс болсун!

## СУРАНУУ

Жаман сөздөн айтышып тилдешпейли,
Жан дүйнөнүн назиктигин билишпейби?
Сабырдуулук эң мыкты курал болот,
Көңүлдөрдү эч качан кирдетпейли.

Аппак кардай дилдерди тазарткыла,
Жаман сөздү, урушту азайткыла.
Ансыз деле өмүрлөр өтүп барат,
Суранарым, көңүлдү жашарткыла.

## КЕЛЕ БЕР, КҮТӨМ ЖАҢЫ ЖЫЛ

Убакыт учуп, жаңы жыл кирип келдиңби,
Аппак кар аяз аруулап бакыт бердиңби?
Жылдырып бирден жаштыгым уурдап акырын,
Ийгизип башты, ошентип бизди жеңдиңби?

Келе бер, күтө Жаңы жыл сени ар жылы,
Ырыскы бергин, ынтымак болсун арбыны.
Кечээги жылым жылт этип өтүп билинбей,
Тез эле минтип эски жыл болуп калдыңбы.

Элимде болсун токчулук, бүтпөс жакшылык,
Кайгырбай жүрсүн, жылмайып күлүп каткырып.
Ыраазы болом Жараткан жалгыз өзүңө,
Жакшы ойлор келип, ырларды турсаң жаздырып.

# КАЙДАН ТАБЫЛАСЫҢ

Кайрылбаган күндөр ай, кайда кеттиң,
Кара мештин үстүндө чайнек кайнап.
Кайра-кайра тажабай кошуналар,
Кирип чыкса дасторкон турчу жайнап.

Эчки тууса эки күн майрам болуп,
Уюң тууса ууз менен айран болуп.
Убайым жок жашоолор өтүп турчу,
Уктабаган таңды-кеч сайран болуп.

Азыр болсо күндөр тез өтүп жатат,
Отуң деле заматта өчүп жатат.
Орустар бир-бирине кирбейт дечү,
Ошол жакка окшошуп көчүп жатат.

Бири-бириң көрө албай сагынасың,
Эстегенде көздөн жаш агыласың.
Не кылабыз турмушуң ушул экен,
Өткөн кезим, сен кайдан табыласың?!

# БАЙЛЫК МУРАСЫМ

Көр оокатты маңдайыма жыйнаба,
Көп анчага көмүп мени кыйнаба.
Андан көрө жакшы сөздөн угузсаң,
Жүрөк жылып, жыргап калам кыйлага.

Жакшы адамдар кайрат берип демиме,
Жакшы ырлардан жазгым келет бериле.
Жасалмадан сактай көргүн, Жараткан,
Жакшы саптар калса экен элиме.

Чаң баспасын китебимди чыгарсам,
Окуп калса, эгер пайда кыла алсам.
Ошол болоор менин байлык мурасым,
Жакшы ырларга эли-журтум сугарсам.

# КЫШТАГЫ ТОЛГОНУУ

Кыш айы кандай керемет,
Аппак кар түшүп эленет.
Жан дүйнөм турсун таптаза,
Актыгың мага бере кет.

Аязың чымчып бетимди,
Толготуп ички сезимди.
Уяттуу кылып жүрө көр,
Албастан акыл-эсимди.

Арыкта суулар көрүнбөй,
Муз болуп тоңуп көк жалтыр.
Музга окшоп тунук болсом, ээ,
Кыш мезгил жакшы из калтыр.

# ЧОҢ АПАМДЫН ДАРЫСЫ

Жөтөлүп ооруп калсам бала кезде,
Чоң апам айыктырчу ылдам эле.
Сүткө кошуп сары майды сапырып,
Ушундай сонун дары кылар эле.

Колдору жумшак эле мээрими бар,
Чүчкүрсөң арча менен аластаган.
Аярлап мени укмуш багаар эле,
Туура эмес нерселерди каратпаган.

Суукташам куурма чайы даяр эле,
Чүпүрөк дасторконун жаяр эле.
Жалынып "балакетиң алайын" деп,
Көзүнүн карегиндей караар эле.

Кез-кезде башым ооруп калды десем,
Кычкачты отко көмүп коёр эле.
Оозуна суудан ууртап бүркө чачып,
Кара ичикке бекем кымтып орор эле.

Ошентип айыктырып ылдам эле,
Эч кандай дары деле бербес эле.
Азыркы кыйын деген доктурларга,
Чоң энем болмок окшойт теңдеш эле.

А азыр түрү чыкты оорулардын,
Сурасаң бейтап адам чыгат четтен.
Дарылар дарыкана ичи толо,
Аттарын айта албайсың, чыгат эстен.

Илгерки пенициллин, норсульфасол,
Тез эле ооруларды басаар эле.
Калганын энекелер эмдеп-домдоп,
Оорулар бизден алыс качаар эле.

## ЖҮРӨГҮМ КУБАНАТ

Атыңды жакшы деп чыгарса,
Айтканың дароо эле кылалса.
Айтчы, эмне башканын кереги,
Артыңда тукумуң уланса.

Бар турмуш, жок турмуш өттү го,
Чоңоюп, эр жетип кетти го.
Үй күтүп, жай күтүп өздөрү,
Ата-эне кадырын сезди го.

Улантып келечек турмушун,
Уулдарым зыңкыйган уландар.
Кыздарым кадырлуу энелер,
Көргөндө жүрөгүм кубанган.

# КОШУНАЛАРЫМА

Кечиргиле, далай ката кетирдим,
Жетпес жашоо, жакшы турмуш кечирдим.
Кээ күндөрү дардаландап дайны жок,
Жаман жандай өзүмө-өзүм сезилдим.

Кубанчымды кудуңдашып бөлүшүп,
Жоготууда көздүн жашын төгүшүп.
Бардык жактан кошуналар биринчи,
Не болсо да, чогуу бирге көрүшүп.

Унутпаймын өткөн күндү, аркамды,
Көп нерсеге эңсеп жетпей калганды.
Канча кирсем дал ошончо беришчү,
Унутпаймын сүттү сурап алганды.

Өттү күндөр билинбестен алыстап,
Оокат үчүн жаның тынбай жарышмак.
Аман-эсен чогуу болуп жалпыбыз,
Жакшы бойдон өмүр бою калышсак.

# АЙРЫБАГЫН ЖОЛУМДУ

Сыналат адам жамандык башка түшкөндө,
Сыздатып кээси жаман сөз айтып буй кылат.
Санааркап жүдөп сайылып башың күйүткө,
Самсыган ойлор эсиңден кетпей суй жыгат.

Жакшы сөз айтса көңүлүң жылып өйдөлөп,
Жаман сөз уксаң жан дүйнөң ооруп жөрмөлөп.
Жабыгып жүрүп жашырып далай сырыңды,
Жылат да күнүң турмушуң кудум дөңгөлөк.

Жаз өтүп жайга, күз менен кышың алмашып,
Жашоодо жүрөм тирүүлүк менен кармашып.
Жалп деген күнү кетесиң жалган дүйнөдөн,
Жаныңды алган ажалың менен арбашып.

Напсимди бузба, арылткын жаман адаттан,
Күнөөлөр көптүр кечиргин өзүң, Жараткан.
Чыкпасам экен пенделик кылып чийинден,
Айрыба жолдон бейишти көздөй бараткан.

# СҮЙҮНҮЧ

Эң биринчи айлыгын алган күнү,
Атасынын кубанчы чексиз болчу.
Кайра-кайра кудуңдап санап коюп,
Унутулбас эсинен кеткис болчу.

Сүйүнүп уулунун тапканына,
Көзгө элестейт бакытка батканына.
Көрсөтпөй култуң-култуң этип коюп,
Маашырланып акчасын катканына.

Кийим алып, койкондоп кийип койгон,
Калганын төш чөнтөккө түйүп койгон.
Көп эле акчаларды кармаса да,
Уулунун ак эмгеги бийик болгон.

# ӨРНӨК БОЛСОК

Күн кылтылдап уясына батканда,
Каршы-терши булут түрду асманда.
Кандай ырды жаратам деп ойлонуп,
Карбаластап, калемим жок жазганга.

Батты бүгүн бир күнүбүз кеч кирип,
Байкалбаган карылыкты сездирип.
Басты ойлор, айласыздан буулугам,
Бул күн дагы калды окшойт эскирип.

Өткөн күнүң келбейт экен кайрылып,
Өкүнөбүз жаштыгыңдан айрылып.
Ыраазымын жашап өткөн күнүмө,
Эл ичинде ырым калса таанылып.

# КЫРГЫЗ ДЕГЕН КИМ ӨЗҮ?

Кыргыз деген кылымдарга жашаган,
Кымыз ичип, чучук, майын ашаган.
Күү чалдырып, манас айтып күпүлдөп,
Комуз чертип, мурас алган атадан.

Кыргыз деген ашууларды багынткан,
Кыргыз деген от өчүрбөй тамызган.
Колдорунда эч нерсе жок калса да,
Адашчу эмес ары менен намыстан.

Кыргыз деген кыйындыкка чыдаган,
Кыргыз деген өзүн-өзү сынаган.
Кыргыз деген кылымдарды багынтып,
Кыргыз деген тукумдарын улаган.

# ЖАШТЫК КАЙДА?

Жаштык кайда акылың ашып турган?
Жаштык кайда көп жерди басып турган?
Жаштык кайда алоолонуп жалын болуп,
Жан дүйнөдө бардыгы ташып турган?

Жаштык кайда уктабай таңдар аткан?
Жаштык кайда шарактап бирге баскан?
Жаштык кайда жыргалдуу көз ирмемдер?
Жаштык кайда чогулуп көңүл ачкан?

Жаштык кетти жылт этип чагылгандай,
Жаштык кетти саргайтып сагынгандай.
Жаштык кетти алыска бизди таштап,
Сайы калып, суулары агылгандай.

# КЕЛИНГЕ НАСААТ

Келиндин кабагы чытылса,
Кайнене жүрөгү тытылат.
Кай жерден кетти деп ойлонуп,
Кайгырып маанайы бузулат.

Кадырды билгиле тирүүңдө,
Карылык билинбей кирүүдө.
Кайрылып баруучу мамиле,
Жакшы жан айттырбай билүүдө.

Тез эле убакыт өтүүдө,
Жаштыгың келинге көчүүдө.
Неберем тез эле чоңоюп,
Бой тиреп, күнүгө өсүүдө.

Айланып келүүчү кайра эле,
Сен дагы болосуң кайнене.
Андыктан ойлонуп иш кылгын,
Ошондо өкүнүп "ай" дебе.

Сүйбөсүн ким эле баласын,
Сыйласаң сый көрүп каласың.
Жараткан баарынан калыс дейт,
Не кылсаң ошону аласың.

# КЫШТЫ УЗАТУУ

Ичим тыз-тыз кышым узап жатканга,
Сырдашчу элем жаап турган ак карга.
Кандай сонун, айланада бир чаң жок,
Таман алды кырч-кырч этет басканда.

Тал-теректер ак бубакка бөлөнүп,
Суктанчумун карт терекке жөлөнүп.
Сулуу бойдон калса эмне деп коём,
Карегиме катып алдым чөгөрүп.

Коштошоюн, көрүшөм эмки кышта,
Күтөйүн, жетсек экен келчү кышка.
Кыш мезгилдин керемет күнүн көрүп,
Баркың билдим, аттиң ай, өмүр кыска...

# ТИЛЕК КЫЛАМ

Аппак таңда аппак барак сыялап,
Жүрөгүмдө жакшы ойлор уялап.
Туулган айлым тузуң татып күнүгө,
Жан дилимден ырлар сага куралат.

Туулган айлым сенден алып жылуулук,
Өзүң менен бирге мага сулуулук.
Таңдайымда тамчы сууң мөлт этип,
Сенде турат айтып бүткүс улуулук.

Чуркап ойноп топурагың чаңдатып,
Чоң апама тамагымды камдатып.
Сенден алып жакшыларды тууган жер,
Жашап келем 59 "кар басып".

Убакыттын учкандыгы токтобой,
Балалыкты кайда койдуң жашырып.
Издеримди таппай жүрөм карайлап,
Кеткен өңдүү шуру сымал чачылып.

Тирүүлүктүн өзү эле чоң майрам,
Таптаза сууң кетпей турат таңдайдан.
Өзүң менен сыймыктанып келемин,
Өзүң менен өмүр жашоом байланган.

Буюрса экен топурагың балдардан,
Көрөбүз го, кандай, тагдыр салгандан.
Тилеп турам ар убакта суранып,
Жаратканым берсин өмүр каргандан.

Ата-бабам аздектеген тумардай,
Кайда жүрсөм көңүлүмдөн чыгарбай.
Жүдөп кетем башка жакта жүргөндө,
Кең болсо да, ошол жерге сыя албай.

Аалам сенден башталарын сеземин,
Учурдуң го уулдарыңдын нечени.
Өзүңө арнап эмне кызмат кылганды,
Беребиз го, эл алдында эсебин.

## ӨЗҮБҮЗДӨН

Жакшы менен жаман жүрөт бирге эле,
Эл алдында калат экен иргеле.
Жакшыларды жакшы экен деп айталы,
Жакпай калсын калыстыгың кимге эле.

Кай бирөөнө жакпайт экен чындык кеп,
Кай бирөөсү өлүп жатат чындык деп.
Кай бирөөсү билгизбей иш жасаса,
Кай бирөөсү мактанат биз кылдык деп.

Бул жашоодо болгону жакшы сөз керек,
Көтөрөлү көңүлдөрдү кел, демек.
Жамандарды жаман экен дей бербей,
Өзүбүздөн жакшыларга теңдемек.

# НЕБЕРЕМЕ

Жытыңды жыттап, бакытка балкып өбөмүн,
Балалык кездин үзүмүн сенден көрөмүн.
Балдарым кантип чоңойду экен деп коём,
А бирок сага убактым баарын бөлөмүн.

Сүйлөсөң жанды эритип ар бир сөздөрүң,
Көрүнөт сенден баламдын эле көздөрү.
Тентекти канча жасасаң деле билинбей,
Кичине кылган тентегин көрөм өзгөнүн.

# УШУЛ КЕРЕК

Акындардын жүрөгү назик болот,
Көргөндөрүн кагазга жазып коёт.
Окуган адамдарым кубанса деп,
Сөздөрүнүн ширинин кошуп коёт.

Таш боорлордун жүрөгү мерез болот,
Жакшы сөздү чыгарбай ченеп коёт.
Көңүлүңдү оорутуп жаман айтып,
Ушул нерсе мүмкүн ага керек болот?..

# МЕНИН БАЙЛЫКТАРЫМ

Байлык мага балдар аман жүргөнү,
Бакыт мага неберемдин күлгөнү.
Жаман сөздөн угуп жанды кейитпей,
Айланамда жакшы адамдар жүргөнү.

Байлык мага жакшы сөздөн укканым,
Бакыт мага табигатка суктануум.
Жаратканга миң мертебе шүгүр дейм,
Дайым таңда күндүн көрсөм чыкканын.

Байлык мага адал эмгек тапканым,
Бакыт мага ачык болсо асманым.
Жаратканым берип турса талантты,
Байлык ошол жакшы ырларды жазганым.

Түз жүргүн дейт жан дүйнөмдүн талабы,
Акча, дүйнө бизди сактап калабы?
Жаратқандан тилеп турам ар убак,
Мага байлык эл-журтумдун аманы.

Жаратқандан тилеп турам дайыма,
Байлык мага кыргыз элдин аманы...

# ӨЗҮҢ ҮЧҮН БААРЫСЫ

Таң сүргөндө окусаңар багымдат,
Жакшылыкка, ырыскыга кабылтат.
Жан дүйнөңдү периштелер тазалап,
Жакшы пенде болосуңар асылзат.

Түш болгондо окусаңар бешимди,
Ниет коюп буруп турсаң дитиңди.
Жаман-жуман жолдон алыс болосуң,
Жаратканым өзү түздөп ишиңди.

Кеч киргенде окусаңар дигерди,
Качан болсо колдоп турат силерди.
Пенделерим түз жолунда жүрсө деп,
Кереметтүү намазымды жиберди.

Күн батканда окусаңар шам намаз,
Бейиш жакка даңгыраган жол салат.
Чын дүйнөгө барып калган кезиңде,
Мандайыңдан жаркыраган нур тамат.

Түн киргенде окусаңар куптанды,
Периштелер бир өзүңө сукданды.
Жүзүм жарык, Жаратканга шүгүр де,
Унутпагын орозо да тутканды.

Бир Кудайым калыстардын калысы,
Витр, важип мойнубузда парызы.
Ден соолук бер, оо Жараткан, суранам,
Бир өзүңсүң жүрөгүмдүн дарысы.

# ТУУЛГАН КҮНГӨ КАРАТА

Кайрылбаган жаштык менен коштошуп,
Улгайгандар катарына окшошуп.
Күндөрүбүз тез-тез өтүп баратат,
Жакшы күндү сагындырып, жоктотуп.

Оо, бир кезде барга-жокко кайылбыз,
Жакындардын баарысына дайынбыз.
Күтүрөшүп куттук айтып келчү эле,
Төркүндөрүм, жоро-жолдош, кайын журт.

Жазды күтөт жан-жаныбар, адамзат,
Жазда баары жаңы жашоо башташат.
Өзүң жоксуң өткөн күндү ойлонуп,
Карегимден тып-тып этип жаш тамат.

Шарактаган шаан-шөкөт алыстап,
Өзүң менен кеткен өңдүү, табышмак.
Жылт деп өчкөн жаштыгымдын элеси,
Сагындырып жүрөгүмө салат так.

# АР-НАМЫСЫҢ КАЯКТА?

Арак деген эмне биздин заманда,
Айландырган жакшы адамды жаманга?
Татынакай кыздар эле бир кезде,
Ооп калган азыр "алкаш" аялга.

Сулуу эле суктанышкан жигиттер,
Суусагандай сурап ичет арактан.
Кайран гана гүлдөп турган кезинде,
Далай жанды суктандырып караткан.

Азыр болсо аянычтуу адамдар,
Арак жутуп, болуп калган жамандар.
Аял-эркек ар-намысы жоголуп,
Арам жакка басып калган кадамдар.

Жаның кейийт карап туруп мастарды,
Өңүн кара, ырайлары азганды.
Эч нерсеге кереги жок буюмдай,
Ыргытылып калган өңдүү таштанды.

Кечир пендем, катуу айтсам чындыкты,
Ардандыңбы? Бөтөлкөңдү ыргытчы.
Жакшы адамдын катарынан орун ал,
Жан дүйнөңдү ыйман жакка бурдуртчу.

# КҮЗ ҮЗҮРҮ

Күн нуру чачылып жергеме,
Ойноок жел өпкүлөйт бетимди.
Жайдары бардыгы супсулуу,
Алыска жетелейт сезимди.

Аптап күн айланып салкынга,
Чулганып сапсары алтынга.
Күркүрөп күз келди тез эле,
Токчулук, барчылык калкымда.

Сүйүүгө жолугуп сулуу кыз,
Беттери алмадай албырат.
Ойлору сабалап сан жетпей,
Бут алды шуудурайт жалбырак.

Жер эне кайтарып берүүдө,
Жазында эгилген түшүмүн.
Дыйкан да кубанып тер чачып,
Алууда ак эмгек үзүрүн.

# КЫШЫМ КЕЛДИ КЕЧИКПЕЙ

Ызгаар тартып айлана кар чулганып,
Жалт-жулт этип бир башкача нурданып.
Кыргыз кышы келди эшик алдына,
Кылыч кармап, үшүтөм деп сурданып.

Далай жылдар өткөн бала курагым,
Даамын көрүп. кар сугунган убагым.
Узап кетти жаш кезимдин үзүмү,
Көрдүңбү деп аппак кардан сурадым.

Чыкыроон суук болсо дагы эшикте,
Ойнойт балдар үшүгөнүн сезишпей.
Кубанчымды жашыра албай олтурам,
Кышым келди учурунда кечикпей.

Ар мезгилдин сулуулугу өзүнчө,
Аппак карга оонап ойнойт жаш балдар.
Аттиң, кеткен балалыгым алыстап,
Жаап жатат сампарлаган аппак кар.

# ҮМҮТ БАР

Убакыт токтобостон учуп, сызып,
Ар бир күн өзүнчө эле өтө кызык.
Жаштыктын мүнөт сааты кетип жатат,
Колумдан "жакшы кал" деп бекем кысып.

Өкүнбөйм, өткөн күнгө ыраазымын,
Келиним өзүмө окшоп ордум басат.
Артымда неберелер, чөбөрөлөр,
А балким, менден сонун ырлар жазат.

Үмүт бар эртеңкиге, келечекке,
Үмүт бар жакшы сөздөр каларына.
Үмүт бар эли-журтум аман болсо,
Үмүт бар ырларымдын калаарына.

# ЖАКШЫ АДАМ

Жакшы адамдан жакшы сөз чыгат тура,
Жакшы адамдар сөзүңдү угат тура.
Кичинекей көйгөйүң болсо дагы,
Байкоо салып, көңүлүн бурат тура.

Жакшы адамдын жүрөгү таза болот,
Жакшы адамда ар дайым бата болот.
Жакшы адамга жолугуп сүйлөшкөндө,
Жаркыраган жан дүйнөң тазаланат.

# КОШУНА КЕРЕК ЭКЕН

Адамга жүз жаш берип койбойт тура,
Тагдырды жасаганга болбойт тура.
Жигитке жакшы түгөй жолуктурса,
Бир-бирин өмүр бою колдойт тура.

Келиниң ордуң басып келет тура,
Жараткан сураганың берет тура.
Арыганча кастарлашып бирге болуп,
Кошуна өмүр бою керек тура.

Тууганың качан болсо колдойт тура,
Башкалар тууганыңдай болбойт тура.
Жанында жакшы адамдар жашап жүрсө,
Туура эмес иш жасасаң оңдойт тура.

Карылык билинбестен келет тура,
Баары бир аял эле жеңет тура.
Күнүгө кыйкырышып ал-жай сурап,
Кошуна кошунага керек тура.

Жараткан бизге ар дайым караласын,
Жакшы сөз ак карлардай сабаласын.
Коңшулар – аман-эсен жүрөлүчү,
Мендейди кайдан издеп таба аласың?

## ЭНЕ ЖҮРӨГҮ

Канча бала төрөсө да энекең,
Дал ошончо бөлөт тура жүрөгүн.
Энекемдин баасын билбей жүрчү элем,
Эне болуп эми билип жүрөмүн.

Ооруп калса кайсы балаң кай бирде,
Ойлоруңду ошол жакка бурасың.
Аман-эсен айыгып кетсе экен деп,
Жараткандан жардам сурап турасың.

Бүркөп калса келин салып кабагын,
Ойлор кетет, кантип билсем талабын.
Жаркылдашып күлүп эле турса дейм,
Жакшы деген сөзүн угуп баламын.

Эне жүрөк баары үчүн кагылат,
Балаң үчүн издегениң табылат.

Кайсы балаң алыс жүрсө жанымдан,
Ошолорду ойлоп дайым сагынат.

Кайсы жерде жүрсө дагы балдарым,
Бөөдө кайгы, бөөдө кырсык баспасын.
Аман-эсен ден соолуктар чың болуп,
Жаратканым балдарымды сактасын.

## ТОЛСУН ЖАКШЫ КЕПТЕРГЕ

Канча жолу ыр жазганга тырмышкам,
Канча жолу запкы жедим турмуштан.
Болбой эле жашап келем кыбырап,
Буйтап коюп, таштан мага ыргыткан.

Ыр жазаарда ары-бери толгоном,
Кээ учурда түн ортодо ойгоном.
Калемимди колго алып жазаарда,
Ар кайсылар түшөт ойго болбогон.

Кээде туруп сонун ойлор жаралат,
Окурмандын жүрөктөрүн жаралап.
Шүгүр деймин талант берип койгонго,
Жашап келем, күндөрүмө канагат.

Изим калса бул дүйнөдөн кеткенде,
Жакшы ырларды жазсам деймин дептерге.
Жакшы өлүм бергин мага Жараткан,
Тегерегим толуп жакшы кептерге.

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Таңдан туруп айланага суктанам,
Бир топ жылдар билбей аны уктагам.
Өткөн күнгө ичим күйөт өкүнүп,
Ата-энемдин акыл кебин укпагам.

Кайран күндөр баркын билбей өткөргөн,
Жаштыгымды таппай турам бөксөргөн.
Ары-бери турмуш мени курчутуп,
Кээ учурда баштан басып, көмкөргөн.

Турмуш мени ары-бери сүйрөдү,
Жаратканым жакшы жакка үндөдү.
Дардалаңдап убакытты өткөрбөй,
Намаз окуп, ыйман жолдо жүр деди.

Ыраазымын, чексиз шүгүр өзүңө,
Ыйман салып, жардам бердиң өсүүмө.
Ырыс тилейм эл-журтума ак дилден,
Ырахаттуу күндөр менден өтүүдө.

Кайсы балаң алыс жүрсө жанындан,
Ошолорду ойлоп дайым сагынат.

Кайсы жерде жүрсө дагы балдарым,
Бөөдө кайгы, бөөдө кырсык баспасын.
Аман-эсен ден соолуктар чың болуп,
Жаратканым балдарымды сактасын.

## ТОЛСУН ЖАКШЫ КЕПТЕРГЕ

Канча жолу ыр жазганга тырмышкам,
Канча жолу запкы жедим турмуштан.
Болбой эле жашап келем кыбырап,
Буйтап коюп, таштан мага ыргыткан.

Ыр жазаарда ары-бери толгоном,
Кээ учурда түн ортодо ойгоном.
Калемимди колго алып жазаарда,
Ар кайсылар түшөт ойго болбогон.

Кээде туруп сонун ойлор жаралат,
Окурмандын жүрөктөрүн жаралап.
Шүгүр деймин талант берип койгонго,
Жашап келем, күндөрүмө канагат.

Изим калса бул дүйнөдөн кеткенде,
Жакшы ырларды жазсам деймин дептерге.
Жакшы өлүм бергин мага Жараткан,
Тегерегим толуп жакшы кептерге.

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Таңдан туруп айланага суктанам,
Бир топ жылдар билбей аны уктагам.
Өткөн күнгө ичим күйөт өкүнүп,
Ата-энемдин акыл кебин укпагам.

Кайран күндөр баркын билбей өткөргөн,
Жаштыгымды таппай турам бөксөргөн.
Ары-бери турмуш мени курчутуп,
Кээ учурда баштан басып, көмкөргөн.

Турмуш мени ары-бери сүйрөдү,
Жаратканым жакшы жакка үндөдү.
Дардаландап убакытты өткөрбөй,
Намаз окуп, ыйман жолдо жүр деди.

Ыраазымын, чексиз шүгүр өзүңө,
Ыйман салып, жардам бердиң өсүүмө.
Ырыс тилейм эл-журтума ак дилден,
Ырахаттуу күндөр менден өтүүдө.

# БААРЫН ЧЕЧЕТ

Өткөн күн эске түшүп сагынгандай,
Жакшы убактар жылт этип чагылгандай.
Оор күчтөр үстүнөн басып алып,
Кишени карылыктын тагылгандай.

Бапырап бир учурда салган тамга,
Бата албай турган кези, таппай арга.
Келиндер бир учурда кемпир болор,
Окшошуп алар дагы ушул жанга.

Карысак кандай болор ошол кезек,
Не кылсаң, жасаганын алат дешет.
Азырынча билбейбиз не болоорун,
Бир гана Жаратканым баарын чечет.

# КЕЛЭЭР БАЛКИМ

Айтып койсом кетпес бекен чекилик,
Ээси кетип, эшик калган бекилип.
Киши чыкпай көзгө жаман көрүнөт,
Өзүнчө эле ар кай жери кетилип.

Бир учурда бака-шака шатырап,
Көп адамдар кирип-чыгып бапырап.
Азыр болсо көңүлүңдү кирдетип,
Аки менен турган сөз “Там сатылат”.

Сатпаса экен атасынын турагын,
Шаардык болуп, кыйратарсың чунагым.
Өтпөй тамың, кардар чыкпай бир топко,
Келээр балким, ата жолун улаарың.

# БААРЫН ЧЕЧЕТ

Өткөн күн эске түшүп сагынгандай,
Жакшы убактар жылт этип чагылгандай.
Оор күчтөр үстүнөн басып алып,
Кишени карылыктын тагылгандай.

Бапырап бир учурда салган тамга,
Бата албай турган кези, таппай арга.
Келиндер бир учурда кемпир болор,
Окшошуп алар дагы ушул жанга.

Карысак кандай болор ошол кезек,
Не кылсаң, жасаганын алат дешет.
Азырынча билбейбиз не болоорун,
Бир гана Жаратканым баарын чечет.

# КЕЛЭЭР БАЛКИМ

Айтып койсом кетпес бекен чекилик,
Ээси кетип, эшик калган бекилип.
Киши чыкпай көзгө жаман көрүнөт,
Өзүнчө эле ар кай жери кетилип.

Бир учурда бака-шака шатырап,
Көп адамдар кирип-чыгып бапырап.
Азыр болсо көңүлүңдү кирдетип,
Аки менен турган сөз “Там сатылат”.

Сатпаса экен атасынын турагын,
Шаардык болуп, кыйратарсың чунагым.
Өтпөй тамың, кардар чыкпай бир топко,
Келээр балким, ата жолун улаарың.

# СИЛЕР МЕНИН АЛТЫНЫМ

Алтын шакек салды кызым колума,
Ал аңгыча кылт дей түштү оюма.
Алтынсыңар мага силер түгөнгүс,
Ар-намыстын түз жүрсөңөр жолунда.

Уулдарым угуп турса сөзүмдү,
Келиндерим карап турса көзүмдү.
Кымбат мага ошол сыйың баарынан,
Эл-журтума болот сөзүм өтүмдүү.

Сый-урматы, жакшы сөзү нак алтын,
Сонун ырлар жүрөгүмдөн жаралсын.
Жакшы чыгып элге кызмат кылсаңар,
Балдарымдын бар болгону мага алтын.

Силер менен бийик болот көңүлүм,
Силер барда текке кетпейт өмүрүм.
Дөөлөт күткөн карылыкты көрөйүн,
Куту болуп, үйүңөрдүн төрүнүн.

# АКЫН ЧЫГАТ

Мезгилим өз өкүмүн жүргүзүүдө,
Негедир жаштыгымды катып алып.
Уланып тирүүлүктүн күндөрү өтүп,
Улгаюу уйпалоодо жатып алып.

Жараткан жашатканга шүгүр кылам,
Жаштыгым өтсө мейли кайрылбаган.
Жетелеп жарпым жазар неберем бар,
Жанымдан жарым карып айрылбаган.

Кужулдап кумарымды жазып турат,
Кубантып, көңүлүмдү ачып турат.
“Кыйын акын болом ээ, чоң эне” деп,
Келечекке кадамын басып турат.

# УЗАК ЖАШ БЕР, СУРАНАМ

Ойго чөмүп батып сары санаага,
Кечиргин дейм, пенделерге карала.
Арка-жөлөк баарыбызга дем болгон,
Узак жаш бер, Жолдош деген балаңа.

Жаратканым элдин берип батасын,
Күндөр өтүп, мезгил мынча шашасың.
Сырдаш болуп, сыйлашарга бул күндө,
Кайын сиңдим Айтыш аман жашасын.

Шашып келет туулган жер айлына,
Бир туугандын көңүл черин укканга.
Шүгүр кылып өзүңөрдү бел тутам,
Узак жаш бер, алыстагы кыздарга.

Жакшы сөздү арнайын деп жүрөктөн,
Баарыңарга бакыт тилеп күн өткөн.
Жаратканым мага деле буюрсун,
Сересине сексен жаштын түнөткөн.

# КӨҢҮЛҮНӨ ТҮЙҮШСҮН

Улап келген ата-баба урпагын,
Карыларым, кайын журтум, кутманым.
Жапжаш келип, колуңарда торолдум,
Туугандардын мыйзамынан чыкпадым.

Жакшы жашап, жакшы атка конушкан,
Кайнаталар мыкты адамдар болушкан.
Үйдөн киши үзүлчү эмес эч качан,
Бакылдашып, кепке курсак тоюшкан.

Чоң казанда эт, сорпосу, май кайнап,
Дасторкондо түркүн тамак бүт жайнап.
Кайнатамдын ырыскысы көп тура,
Азыр болсо калган өңдүү ал жайдак.

Утурумдук жайдак болуп тургандыр,
Ээси кетип, уулу кетип бозоруп.
Неберелер аман-эсен чоңойсо,
Салаар тамын кайра баштан который.

Аман болуп, жакшы болуп жүрүшсүн,
Туугандардан алыстабай сүйүшсүн.
Чоң атасы эл адамы болгонун,
Качан болсо, көңүлдөргө түйүшсүн.

# КҮТҮҮ БАРКЫ

Оо, анда он сегизде,
Уядан учкан кезде.
Алыска окуганы,
Кеткеним дале эсте.

Алыска чыга элекмин,
Отуз күн жылдай болгон.
Сагынып ата-энемди,
Көзгө жаш далай толгон.

Оо, ошол сагынычым,
Дагы эле турат эсте.
Балам да сагынгандыр,
Алыста жүргөн кезде.

Туулган жер, ата-энесин,
Сагынган кандай жакшы.
Дайыма эсте калат,
Сагынуу, күтүү баркы.

# БАЙ БОЛОТ

Жараткан, ыйман, ырыс бер,
Иштейли төгүп маңдай тер.
Эмгекти жебейт турбайбы,
Көтөрүп турган бизди жер.

Бардыгын жеңет амандык,
Эч кимге кылба жамандык.
Чыгат деп сенден суращат,
Берип жүр кылбай сарандык.

Элде болсо деп тилейм,
Анда бизде бар болот.
Аман жүрүп иштесе,
Жарды деле бай болот.

# ЭНЕНИН АРМАНЫ

Торго түшкөн капастагы кушка окшоп,
Көп кабаттуу үйдө отурат камалып.
Көп баланы төрөп койгон жаш чакта,
Калган кийин жалгыз өңдүү саналып.

Бүтүртүп көбүн жогорку окуу жайларын,
Үйлөнтүп бөлүп, алып берген сүйгөн жарларын.
Кыскасы, жакшы чоңойткон элден өйдөрөөк,
Ардактап багып, өстүргөн бардык балдарын.

Укмуштай жашоо, бутуна небак турушкан,
Бири эмес баары аялдын тилин угушкан.
Унутуп калган алпештеп баккан энесин,
Өздөрү үчүн көңүлдү мыктап бурушкан.

Эс-дарты жалгыз акчаны кантип табаарда,
Кечинде кантип жарына барып жагаарда.
Убакыт таппай энесин барып сурaарга,
Эстешет аны бир нерсе гана алаарда.

Ошентип, күндөр сабалап өтүп токтобой,
Энеси күтөт, жан дүйнө ыйлап боздомой.
Бири да эстеп сурабай койду, капырай,
Үзүлбөс үмүт күтүүдө болду коштомой.

Бир күнү келди билгизбей ажал жакалап,
Ыйлашып баары жер муштап, өксүп, “апалап”.
Күйгөндөй болуп чуркашып элдин көзүнчө,
Баарынын оюу бир жерге барып такалат.

Кур намыс кантет чачышып акча дүйнөсүн,
Жылкысын союп кабарын берип катышка.
Унутуп калбай, куда-сөөк, тууган баарына,
Кантишсин анан кошумча жыйнап жатышса.

Койдук деп жерге, энебиз болоор ыраазы,
Көкөлөп карап, курсагын тырмап мактанат.
Бирөө да болбой маңдайдан сылап кетээрде,
Энеде арман көзүнөн булак жаш агат.

Эстешээр бекен тамчы ой мээсин оёрун,
Карыса кандай, өздөрү эмне болорун.
Кандай күн келет, не кылат эртең ким билет,
Балдары келип, чекеден сылап коёрун.

# ЭСТЕ КАЛААР

Өткөн күнгө кайрылам мен барактап,
Бала кезден бирге жүрдүк шарактап.
Далай күндү жакшынакай өткөрдүк,
Дасторкондо бирге болуп табакташ.

Тоого көчсө ал жакка да барчубуз,
Күл чыгарып, бирөөбүз от жакчубуз.
Бир бүлөдөй жапырт жасап жумушту,
А кечинде бир боз үйгө батчубуз.

Апелеңди “бай” дечүбүз баарыбыз,
Бээни байлап, саамал кымыз ичирчү.
Көр турмуштан кол бошобой калганда,
Келгиле деп кадимкидей күтүнчү.

Биз барганда дасторконду кең жайып,
Үмүтүбүз тосуп алчу жаркылдап.
Көр турмуштун көйгөйлөрүн унутуп,
Тоо жаңыртып ырдачубуз шаңкылдап.

Андан бери далай жылдар агылган,
Жаштык кетти өткөн мезгил чагылган.
Бара жатат аралары суюлуп,
Элибизде күндөр калар сагынган.

## ЖАЙЛОО ТАҢЫ

Кандай сонун керемет жайлоо таңы,
Бууракандап суулардын шарылдагы.
Сайрап турат куштары түркүн тилде,
Жашоо үчүн көрүшүп камылганы.

Сыдырым жел бетиңден сылап турат,
Таза абасы жаныңа берип кубат.
Карагай, арча, гүлдөр сеңселишип,
Жакшы маанай өзүңө арнап сунат.

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Кыргыз элим тоо койнун мекендеген,
Бийик-бийик максатка жетем деген.
Үмүт, тилек, аруу ой курчап турган,
Тоодой-тоодой иш жасап нечендеген.

Кышта жылуу, жайында салкын болгон,
Боз үй тигип, эрикпес калкым болгон.
Качан көрсөң ат минип, алып учуп,
Көңүлдөрү кейибей жаркын болгон.

Мейман келсе кой союп коноктогон,
Кыйындык башка түшсө тоготпогон.
Ушундай элден болуп калганыма,
Кубанам ата-тегин жоготпогон.

Бар болгун, көчмөн кыргыз улуу элим,
Бийиктен чыгып турсун сенин демиң.
Тукумун кыргыз элдин, учун улап,
Көбөйтүп төрөп турсун кыргыз келин.

## ЭНЕНИН ЫЙЫ

Жары менен боло алган жок бактылуу,
Турмуш ага мерездигин көрсөткөн.
Чагылгандай тез ажырап күйөөдөн,
Чапчаң мүнөз жашоолорун өзгөрткөн.

Курсагында эркек бала төрөлүп,
Энесинин кучагына бөлөнүп.
Эрке өсүп, эмне десе жасачу,
Экөө жүрчү бир-бирине жөлөнүп.

Уулуна да тагдыр салып аркасын,
Турмуш жолу болбой калган жарынан.
Кыздуу болуп, кете берген кошо алып,
Болсо керек ал да адамдын багынан.

Ошол бойдон эне-бала экөө эле,
Ойдогудай бирин-бири сыйлашып.
Оору тийип күндөрдүн бир күнүндө,
Оо дүйнөгө кетти уулу, ыйлатып.

Эх, аттиң, ай, эне артта калбасын,
Эч адамга андай тагдыр салбасын.

Жалгыз уулун ач ажалга алдырып,
Күн алыстап мүрзөсүнө барбасын.

Байыр тутуп жалгыз уулдун бейитин,
Эне байкуш күтүүчүдөй келишин.
Энекеси эч убакта эринбей,
Тилеп турат тиги жайдын бейишин.

Көп нерсени арнап алып жүргөнүн,
Көрдүм эле той берем деп сүйүнүп.
Буюрбаптыр эмнегедир уулуна,
Карап туруп ыйлап алат күйүнүп.

Колдон келсе азыр деле ойлонбой,
Кеткиси бар баласынын жанына.
Кантсин, кантет, айткан менен пайда жок,
Жазган тура маңдайына, багына.

# ТҮГӨНБӨС СЫР

Жаратканым бир-бирине байлаштырган,
Кол жетпеген асманга жайгаштырган.
Күн менен ай жашоонун тирүүлүгү,
Табигатты төрт мезгилге алмаштырган.

Ким бар дейсиң сүйүүгө кабылбаган,
Көрбөй калса санааркап сагынбаган.
Бирге басып, кыналышкан кыз-жигиттин,
Жаштык кези бир келээр табылбаган.

Жылдыздар жымыңдашып мээрим чачып,
Ак сүйүүнүн түгөнбөс сырын ачып.
Мелтиреген сүйүүлөргө күбө болгон,
Тийип турса асманда ай, кандай бакыт.

# НООРУЗ

Кел, Ноорузум, келе бергин жылына,
Жердин бетин чыгар сулуу сынына.
Жан дүйнөмө жакшы саптар тизмектейм,
Чыгып алып тоонун бийик кырына.

Көңүлдөргө жаздын келип илеби,
Шымалана дыйкан түрүп билегин.
Умай эне айыл ичин аластап,
Сурап жатат Жараткандан тилегин.

Жер ойгонуп, курт-кумурска кыймылдап,
Булбул сайрап, балдар чуркайт чымылдап.
Кышы бою көрүнбөгөн жандыктар,
Үн чыгарып, обон созот дыңкылдап.

Бак-дарактар бүчүр байлап жарылып,
Ойгонгондой жазды күтүп сагынып.
Арык батпай суулар агат кайдадыр,
Бууракандап моюн бербей чамынып.

# КЫРГЫЗЫМДЫН КЫРЧЫНДАРЫ

Кыйып салган талдардай жалп-жалп кулап,
Кырчын өмүр жигиттер жатты сулап.
Ак үйүбүз айланып кара үйгө,
Эл-журтум аза күтүп ыйлап турат.

Бети калың ажобуздун калпы күчөп,
Билген эмес элинин жарылаарын.
Чындык үчүн тик туруп чыркырашып,
Өлүмгө да тике карап багынаарын.

Ала-Тоо бүгүн ыйлап боздоп турат,
Кырчындай жигиттерин жоктоп турат.
Адилет, айкындык деп чыркырашып,
Чындык үчүн жүрөгүн октоп турат.

Айласыздан Жер эне солк-солк этип,
Энелердин эмчеги сыздап турат.
Падышасын каргады бүткүл эли,
Бийлик үчүн жүрөгү муздап турат.

*2010-жыл 7-апрель*

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ АК ЖОЛ!

Он бир жылда апалар колдон жетелеп,
Эч нерсе билбес балабыз ойноок секелек.
Убакыт сызып он бир жыл өтүп кетиптир,
Бүтөбүз качан, келеби ал күн дечү элек.

Ошол күн келди сезимди бүгүн ыйлатып,
Калганбыз азыр урушпай катуу сыйлашып.
Аз калган сайын бириңди-бириң кыя албай,
Ынтымак барат күн сайын улам чыңалып.

Коңгуроо кагат акыркы мына биз үчүн,
Сыймык го минтип мектепти бүтүп кетишиң.
Чоңоюп калдык жигиттик мезгил күтүүдө,
Мойнуңда турат, Мекенди коргоп алышың.

Коштошуу болот мугалим жана мектепке,
Чачырап баары чоң турмуш карай аттанат.
Жакшы адам болсок эл үчүн ишке жараган,
Атагы чыкса, Карпеков мектеп макталат.

Классташтар, баарыңарга заңгыраган ачык жол,
Жолуңарда жолтоо болуп, жаман нерсе болбосун!
Ордуңарды тапкыла зор турмуштан,
Кыргыз элим баарыңарга багыт берип колдосун!

# БИР КЕЧТЕ

Биздин жаштык калган тура,
Бийик тоонун бетинде.
Эске салып чогулуштук,
Ушул күнү кечинде.

Жолугушуу болот тура,
Аман жүрсөң бир кезде.
Балалыкка кайтып барып,
Бажылдаштык бул кечте.

Кайран гана балалык кез,
Баёо, токтоо өтүптүр.
Биз издеген ошол убак,
Балдарыма кетиптир.

Бир топ курбу чогулдук да,
Жаштык кезди эстедик.
Бул учур да өтүп барат,
Эң бир сонун кеч дедик.

*04.06.2012-жыл,*
*Бишкек шаары.*

# КОР БОЛГОН СҮЙҮҮ

Кандай сонун жаштык мезгил курагың,
Бойго жетип, сүйүү келген убагың.
Катты жазып, кайра-кайра ыргытып,
Санаалардын бүтпөс жибин чубадың.

Кандай кылсам сулуу кызга жагам деп,
Ага арнап сөздүн гүлүн табам деп.
Канча түндү уктабастан өткөрдүң,
Кантип анын көңүлдөрүн табам деп.

Тегеренип карасаң да көп жолу,
Сени карап, көңүл бөлүп койбоду.
Айлаң кетип, не кыларын биле албай,
Ал сүйүүдө сенин жолуң болбоду.

Ала качып алайын деп ойлонуп,
Аракетти жасап көрдү толгонуп.
Сүйгөнүм бар, сага барбайм дегенде,
Кайран сүйүү кетти окшойт кор болуп.

# ӨМҮР ӨЧТҮ

*(Классташым Кулуйпага)*

Үмүт үзбөй жашоо кызык сезилип,
Баамдап турат калгандыгын кечигип.
Май түгөнгөн биликке окшоп акырын,
Үлп деп өчүп, өмүр барат кетилип.

Каркырадай катарыбыз суюлуп,
Сени көрүп көздөн жашым куюлуп.
Качан гана ооруганда сезебиз,
Соо жүргөндө өлбөчүдөй жулунуп.

Кызык болуп, тирүүлүктүн мүнөтү,
Аңдып турат, ажал, оору түгөтү.
Кыйбай барат жалгыз кызын жалт карап,
Карегинде калса керек сүрөтү.

Өчтү шамы, күйбөй калды жалп этип,
Уккан кулак, дене-боюн дүрт этип.
Оору менен асылыштың жакшы эле,
Учуп кеттиң жылдыз болуп, жылт этип.

# ЖАА ЖАМГЫРЫМ

Шатыратып жаан жаады токтобой,
Карап турдум ойго батып ар кандай.
Жууп салса экен баарыбызды киринтип,
Бейишке түз күнөөсү жок баргандай.

Жаа, жамгырым, жаай бергин басылбай,
Көпкөк болуп чөптөр өссүн буралып.
Жааган сайын кабактары ачылып,
Күздө дыйкан түшүм алат кубанып.

Жаачы, жамгыр, тамчыларың керемет,
Ак булуттан түшүп бизге эленет.
Таза, аруу өзүң менен биз үчүн,
Жакшылыкты санагы жок бере кет.

# КЛАССТАШТАРГА

Кичинекей наристе элек секелек,
Ата-энебиз колубуздан жетелеп.
Ак мектепке киргизгени эсимде,
Азыр деле жүрөгүмдөн кете элек.

Балалыктын балдай таттуу кезегин,
Бирге өткөргөн класcташ деп сеземин.
Бирөөнү эле көрө калсам капыстан,
Ошол замат бир жашарып кетемин.

Саламатпы? Сагындырган мектебим,
Сени көрүп балалыкты эстедим.
Сүттөй таза ошол мезгил керемет,
Самасам да ал күндөргө жетпедим.

Сонун күндөр каякка жашынганын,
Издейличи, класcташ-жакындарым.
Тирүүлүктө жолугуп жүрөлүчү,
Сагынганда сырдашаар асылдарым.

Кай тарапта жүрсөңөр да болуп аман,
Силер үчүн сөздөрдүн гүлүн табам.
Карылыкты дөөлөттүү чогуу көрүп,
Жолугалы жакшылыкта гана жалаң.

# БИР САП ЫР ЖАЗЫП АЛСАМ

Качанкы өткөн күндөр эске түшүп,
Карегим ачуу жашка толуп чыгат.
Карааны көрүнбөгөн балалыгым,
Керемет жомоктордой болуп чыгат.

Эскерип таттуу күндү кайрый албай,
Элестеп улам бирин айтып бүтпөйм.
Эмнеге баркын билбей жүрдүм экен,
Эми араң кемчилигим оңдоп-түздөйм.

Келбейт ээ, билип турам өткөн күнүм,
Көтөрөйүн Жаратқандын берген жүгүн.
Элиме арнап бир сап жазып алсам,
Жакшы иш кылган болом анда бүгүн.

# МУКТАЖ КЫЛГЫН ӨЗҮҢӨ

Оо, Жараткан, сенден суранам,
Адамдардын көзүн каратпа.
Муктаж кылгын жалгыз өзүңө,
Дитим баары өзүң тарапта.

Пенде деген ушундай тура,
Колдо барын коштоп көтөргөн.
Жакыныңдан жакшы сөз чыкпай,
Учат экен алыс бөтөндөн.

Колунда жок бербей калганда,
Билип калдым көпкө жакпасын.
Акчалууну жогору коюп,
Ачык эле көрдүм макташып.

Оо, Жараткан, кечир, пендеңди,
Деги эмне болдук түшүнбөйм.
Адамдардан алыстагандай,
Ниет пейил ошон үчүн деймм.

## ЭМНЕ БОЛОТ?

Уктады деп ойлоп жатсам элдерди,
Көбү мендей телефонду чукууда.
Билип туруп ушинтебиз эмнеге?
Нервди, көздү күчтүү нурлар бузууда.

"Караба" деп кыйын болом балама,
Колдон түшпөйт а өзүмдө телефон.
Кейип коём келечекте балдарга,
Эмне болот, кайран биздин генефонд.

## СЫНОО БЕРЕТ

Санаалар сапырылып учуп турат,
Көңүлдү көп нерселер бузуп турат.
Тагдырды кандай жазса маңдайыңа,
Билбейбиз бизге эмнени тушуктурат.

Сабырдын түбү болот сапсары алтын,
Жараткан өзү билип сыноо берет.
Кудайдан туралычы жакшы ой тилеп,
Маңдайга жазганына чыдоо керек.

Жашоонун ар бир күнү кымбат болуп,
Майышып тагдырларың сынбас болуп.
Кыйналып турган кезиң өтүп кетсе,
Бир кезде турсун сага урмат болуп.

# БИР ТУУГАНДАРЫМА

Эң жакшы тилегим бар өзүңөргө,
Жүрөктүн толтосунда катып жүргөн.
Жаратканым жалгыз кылбай силер келип,
Энекемдин курсагында батып жүргөн.

Өзүңөр болгон үчүн дүйнөм түгөл,
Эч нерсеге алмашкыс инилерим.
"Эжекелеп" баары сыйлап турушат,
Бир туугандар, ошон үчүн пириңермин.

Жетим жүрүп жетилип келесиңер,
Бир-бириңе жардамды бересиңер.
Ата-эненин ордуну толуктаган,
Бир-бириңе ата да, энесиңер.

Жакшы гана сөздөрдү угузса деп,
Жаратканда ар убак тилеп келем.
Мен үчүн күйүп турган бир тууган бар,
Болбосо баркыңарды билет белем.

Эстүү болсун балдарыңар кейитпей,
Жаратканым жүрсүн бизди кемитпей.
Атакемдин атын таза туткула,
Жаман чыкты балдары анын дедиртпей.

# ИЗ КАЛСЫН

Күн сайын ойго батып тегеренем,
Турмуштун кыйындыгын жеңе билем.
А бирок, өлүм келсе маңдайыма,
Топуракка айланып тебеленем.

Жолуксам саламдашып эли-журтка,
Бетимден өөп мени кучакташат.
Жашоодон кетсем дагы бир күндөрдө,
Ырларым жүрсө экен узак жашап.

Унутуп кээде кылган жакшылыкты,
Асмандап көр дүйнөгө байланабыз.
Дүнүйөң жанга аралжы болбойт тура,
Бир күнү топуракка айланабыз.

Өлүм ак, бир күн келээр башыбызга,
Карабай карысына, жашыбызга.
Жараткандан тилеймин ар убакта,
Жакшы деген из калтыр атыбызга.

# ЭСКЕ ТҮШТҮ

Эске түштү бала кездин бир күнү,
Чоң апамдын ооз ачкан бир түнү.
Соор ичкенге ойготту эле жалынып,
Караан кылып, тыңшап менин күлкүмү.

Баламын да, түшкө чейин чыдагам,
Түштө ооз ачып, чай берчи деп сурагам.
Ошондо да, чекемден өөп жалынып,
Азыр эстеп, бет кызарып уялам.

Ошондогу тамактардын даамы,
Таңдайымдан кетпей турат дагы эле.
Соор ичкенде эске түшөт негедир,
Ай, чоң апам, бир керемет жан эле.

# КЫЯЛДАНУУ

Кыял менен учуп алыс жактарга,
Айлансам ээ, жааган назик ак карга.
Жаз болгондо сууга айланып мөлтүрөп,
Байчечекей өсүп чыкса ак таңда.

Көргөн адам кубанса ээ, тигилип,
Жаз келгени күн жылымдап билинип.
Кыш айында жаткан чөп-чар, макулук,
Амал кирип кыймылдаса тирилип.

# КЕЧИР, ЖАРАТКАНЫМ!

Сапырылып санаалар миң бөлүнүп,
Элим турат зор сыноого чөмүлүп.
Жаратканым жамгыр менен жууп сал,
Оору-сыркоо алыс кетсин бөлүнүп.

Күнөөлөрдү эсеби жок жасадык,
Бирөөлөрдүн айыптарын ачабыз.
Жан дүйнөнү жалгандарга батырып,
Жаман жерди билип туруп басабыз.

Адал жүрбөй арамдарды жандадык,
Ач көздүктү, алдаганды тандадык.
Алла берген түз жолдордон адашып,
Адамзатым, ушул ишти камдадык.

Болсо дагы келе, келе дей бердик,
Алсызды алдап, ак эмгегин жей бердик.
Көз көрүнөө калпты чындай бурмалап,
Жалгандарды чындык экен дей бердик.

Көр дүйнөгө көп кызыкпай үйүңдө,
Көзүңдү ачып, мени эсте деп жаткандыр.
Кыяматтын жакындаган белгисин,
Эске салып, сар-санаага баткандыр.

Кечир, кечир, көп нерсени жасадык,
Өзүң берген ырыскыны таталы.
Жаратканым, жалгыз сенден суранып,
Зикир кылып, үйүбүздө жаталы.

# МЕЗГИЛГЕ ОКШОШ ЭКЕНБИЗ

Таң калдым ойго батып кызык ишке,
Адамдардын ар кандай мүнөзүнө.
Бир калыпта жүрө албай ойдолойбуз,
Төрт мезгилди окшоттум бир өзүмө.

Бир күн эле жаздай болуп ачылабыз,
Жакшы сөздөн айтууга шашылабыз.
Түштөн кийин кабактарга булут түнөп,
Жаан жаадырып, шөмтүрөп басылабыз.

Толукшуйбуз жай айдын толугундай,
Кызганышып талаанын коругундай.
Ысып кетип, мээңе күн өткөрүп,
Ойкуштайбыз баланын жоругундай.

Күз мезгилдей төгүлүп, чачылабыз,
Бапырашып бергенге ашыгабыз.
Жада калса жакшы сөз айтышсак да,
Бир күн эле колко кылып бакырабыз.

Оо, мына, аяз коштоп кычыраган,
Кышка окшош мүнөздөр да учураган.
Ушундай кыялдарды алып жүрүп,
Кетебиз билинбестен учуп анан...

Жаз болуп, мээрим төгүп асылына,
Жай болуп, акыл кошуп акылына.
Күз болуп берекелүү төгүл-чачыл,
Кыш бололу аппак тилек жакынына.

# ЖАЗ МАЙРАМЫ

Уктап жаткан кышы бою мемиреп,
Жазым келди, ойгонолу, бол камдан.
Эли-журтум кыштан аман чыкканы,
Тируулуктүн өзү бизге зор майрам.

Көктөм келди, баары жаңы ачылат,
Суулар толо, эрип кайда шашылат.
Жаратканым бизге берген энчилер,
Жер энемдин ырыскысы чачылат.

Жаратканым, жакшы күндү тартуула,
Эли-журтум аман болсун ар убак.
Бөөдө кайгы, кырсыгыңдан сактагын,
Тосолучу, жаз майрамын жадырап.

# САБЫР БЕР

Алакандай кыргызды айланып өт бул илдет,
Келди десе жакындап, кетти жүрөк дирилдеп.
Жулунчу элек кечээ эле, жалаң эле кийим деп.

Азыр болсо баарынын, ойлогону ден соолук.
Эмне айтып иет деп, турабыз го “шок” болуп.
Жаратканым бере көр сабыр жана токтоолук.

Адистердин кеңешин айтканындай угалы,
Үйдөн чыкпай тур десе дал ошондой кылалы.
Акындар тынч отурбай, жакшы ырларды суналы.

Кыргыз элим кылымга, жашай берсин түбөлүк,
Ардакташып сыйлашып, узун өмүр сүрөлү.

# СЕНИН ЖАПКАН НАНЫҢА

Жасап бизге сунуп турдуң калама,
Мактандым бейм көрсөтүп мен балама.
"Апам жапчу, карачы" деп эскертип,
Бала кездин бир үзүмүн табам да.

Ары-бери отту жагып мешине,
Каламадан көптү жасап койчу эле.
Жеген киши алкоо айтып энеме,
Чайдан ичип, курсактары тойчу эле.

Жыты келип энем жапкан ак нандын,
Мен уулума силерди айтып мактандым.
Балалыктын балдай таттуу күндөрү,
Жүрөгүмө кыттай уюп сакталды.

Жаша, курбум, староста Замира,
Жолугушсак насип буйруп жайында.
Жылдызкамдын жомогунан көп угуп,
Чүйлүктөрдүн ичсек экен чайын да.

# КЕЧИРГИЛЕ

“Чукуйсуңар телефонду кечке” деп,
Сын такчу элем жеңем менен Берметке.
Тарс дей түшүп башка келди тез эле,
Азыр өзүм телефондо эрмекте.

Кир дүйнөгө аралашып жатабыз,
Телефонду кечке чукуп, казабыз.
Жолугушуу, жай сүйлөшүү жок калды,
Деги эмне болуп бара жатабыз?..

Кечир жеңе, кечир Бермет кошунам,
Чукуп азыр телефондо отурам.
Сын такканды эмне кылам мен байкуш,
Коркуп жатам Жаратkандын сотунан.

# АЙЫЛЫМА АРУУ ТАЗА АК ТИЛЕК

Айылыма тилейм аруу ак тилек,
Ар таңымда эл-журтума бак тилеп.
Абасынан кере-кере дем алып,
Айткым келет баарысына жакшы кеп.

Түптөп койгон ата-бабам эзелтен,
Түптүү элден болсо экен деп тиленип.
Касиеттүү жерде жашап тургánды,
Кара-Суулук ар бир адам билели.

Кыйын-кыйын иште белин буушкан,
Кичүүлөрү улууларды угушкан.
Ынтымагын бекем кылып жеринен,
Кара-Сууну эмгек менен курушкан.

Кошой атам жердеп турган илгери,
Чебин куруп душмандардан сактаган.
Бер жагында Чеч-Дөбөсү заңкайып,
Жерим менен сыймыктанып мактанам.

# ТУУЛГАН ЖЕРГЕ

Туулган жер, Ата Мекен кутманым,
Таянаарым, жалгыз жанга тутканым.
Демиңди алып, жан дүйнөмдү тазартып,
Көңүлүмдөн эч убакта чыкпадың.

Тунук сууңа жүзүм чайкап таң азан,
Жакшы ырларды өзүң үчүн жаратам.
Эч нерсени теңей албай өзүңө,
Алоолонуп жалын болуп баратам.

Таза абаң жандын жазып кумарын,
Булбулдардын таңшык үнүн угамын.
Кыргыз жерим бир өзүңө суктанып,
Сөз таба албай дудук болуп турамын.

# АТ-БАШЫМ

Ак кар, көк муз басып турган аскасын,
Алтын уям, акжолтоюм Ат-Башым.
Ак тилектен арноо айтам өзүңө,
Асманыңды кара булут баспасын.

Акындарың кантип ырын жазбасын,
Жакшыларың жакшы кебин катпасын.
Гүлдөй бергин эли-журтуң барында,
Айланайын, алтын чөйчөк Ат-Башым.

Кыргыз элдин бийиги бол Ат-Башым,
Кыдырсам да, сендей жерди таппасмын.
Кылымдарга жашай бергин өркүндөп,
Ким болсо да, бир өзүңдү сактасын.

# САЗЫБЫЗДЫ САКТАЙЛЫ

Түгөнбөгөн элдин кенчи сазыбыз,
Жайдыр-кыштыр мал үзүлбөй оттогон.
Пияз терип, сууга түшүп жаш балдар,
Адамдардын көп кыймылын коштогон.

Күн жылууда сууга түшүп ойношот,
Аккан сууну көпкө чейин бойлошот.
Балалыктын балдай таттуу күнүнө,
Көрүп турам, алар эч бир тойбошот.

Барып келип бош учурда эс алып,
Көп жыл болгон элге тийип кереги.
Сазыбызды бардыгыбыз сактайлы,
Жараткандын бизге берген белеги.

# ЖАРБАҢ БААТЫРДЫН ЭСТЕЛИГИН АЧУУ АЗЕМИНЕ АРНОО

Жөрөлгөлүү жакшы иш баштап чынында,
Тарых жана маданият жылында.
Өткөн ата-бабаларын ардактап,
Из калтырган кылымдардан кылымга.

Заңгыратып Жибек жолдун боюна,
Эстелигин тургузушуп чогула.
Жарбаң баатыр тосуп алды эл-журтун,
Дүңгүрөгөн бүгүнкү чоң тоюнда.

Сыймыгыбыз эң жөнөкөй агабыз,
Молдосейит ага чыккан Жарбаңдан.
Жамила эже, Эркин эже эл кызы,
Иштерине көп адамдар таң калган.

Классташым Бейшенаалы Бишкекке,
Ресторан салып койгон эл үчүн.
Айылдаштар ыйман жолдо жүрсүн деп,
Мечит курган туулган айлы, жери үчүн.

Жакшы адамдар чыксын эли-журтумдан,
Бийиктикке ар күн сайын умтулган.
Жаштарыбыз өнүп-өсүп гүлдөсүн,
Кыргызстан өлкө болсун кулпунган.

# УРПАКТАРЫ УНУТПАЙТ

*(Сабитакун ата менен Айша апанын 100 жылдыгына)*

Жаркыраган келечекти курганга,
Урпактары жакшы жашап турганга.
Жанын үрөп из калтырган аталар,
Жумуш жасап эсеби жок кумдан да.

Жакшы адамдар арабызда бар үчүн,
Эл байлыгын сактап келген билгизбей.
Учурунда эл-журтума керек деп,
Душмандарга, жат адамга тийгизбей.

Калбайт тура адал эмгек эскирип,
Көп баланы багып, төрөп, өстүрүп.
Ала-Тоодой Айша апанын салымы,
Ар кимисин даражага жеткирип.

Уул-кыздары, туугандары унутпай,
100 жылдыгын даңазалап белгилеп.
Ыраазы болуп жатса керек арбактар,
Эли-журтум эскерүүгө келди деп.

# "НУР ШООЛА" БАЛДАР БАКЧАСЫНЫН ЖАЛПЫ ЖАМААТЫНА КААЛОО

Бардыгынан бүгүн сонун майрам деп,
Наристенин тилегиндей таптаза.
Маданият көтөрүлүп өлкөдө,
Ар бир пенде өз баласын барктаса.

Күлкүлөрү чыгып кыт-кыт күлүшсө,
Батпаса экен бир да бала күйүткө.
Ыйлабасын көздүн жашын чубуртуп,
Доо кетпесин силер деген үмүткө.

Жаркыраган Кыргызстан ичинде,
Ат-Башынын Кошоюнда жайгашкан.
Тарбияны берип жатат балдарга,
"Нур шоола" деп гүл бакчага айланган.

Ырахмат айтам Назгүл, Жазгүл эжеге,
Тарбияны жакшы жакка багыттап.
Келечеги кенен болсун балдардын,
Азырынча баарыбызга табышмак.

Элим болсун, эл ичинде бар болуп,
Жаратканым жалпыбызга жар болуп.
Тарбияны мыкты берсе а балким,
Чыгып калар ушулардан хан болуп.

Кут болсун дейм, балдарымдын майрамы,
Кыйшайбасын кыргызымдын байрагы.

Аман болуп, ата-энеси, эл-журту,
Бүгүнкүдөй күлүп турсун жайдары.

Кумаркандын Бекзат болсо күндөйү,
Акылбектин алтын кызы Айдайы.
Жер, Күн, Айда тынчтык болуп түбөлүк,
Өсүп-өнсүн кыргызымдын балдары.

## ЭЭСИН ТАПСЫН

Ырларымды баалабагын акча менен,
Ой кетпесин эч кимге, сатса деген.
Ак тилектен арнадым кимге болсо,
Максатым бар өз ээсин тапса деген.

Уйкудан көзүмдү ачып таң аткандан,
Жакшыны тилек кылам Жаратkandan.
Муңайып кайгырбасын эли-журтум,
Күн көрсүн күлүп, ырдап шарактаган.

# КЫРГЫЗЫМДЫН ШЫРДАГЫ

Кылымдарга катып келген сырларын,
Кыргызымдын баалайлычы шырдагын.
Канча күчү, канча эмгеги кетиптир,
Калбыр кылып, сөөмөй менен тырмагын.

Кой кайтарып бийик-бийик кыр басып,
Кокту-колот жерлер менен сырдашып.
Кандай жерде жашоо жакшы болорун,
Билип койгон небак эле тыңдашып.

Боз үй тигип таза абада чоңойгон,
Кийиз жасап, булуттарга оронгон.
Кандай күндө жүрсө дагы кыргызым,
Жолун таап жакшынакай торолгон.

Ар бир оюу сүйлөп турат өткөндү,
Андан бери далай нерсе өзгөрдү.
Кылымдарга калган мурас шырдагы,
Айтып берет кыргыз кандай өскөндү.

# ААЛАМ СЕНДЕН БАШТАЛАТ

Туулган айлым, турпагыңдан айланам,
Сенде жашап, бир өзүңө байыр алам.
Төрөлгөндө алгач шилтеп кадамды,
Көз жумганда топуракка айланам.

Өзүң менен кең ааламды тааныгам,
Ыйыгымсың көп жерлердин баарынан.
Ата-энемдин мээримине бөлөнүп,
Татыгамын тамчы сууңдун даамынан.

Айылым менин – айтып бүткүс дастаным,
Мага алтын кум, топурак, баткагың.
Жашап жүрөм тирүүлүктү кечирип,
Өзүңө арнап ырларымды жазгамын.

Жашара бер, жакшыларды батырып,
Алыстагы балдар келсе шашылып.
Койнуң ачып, балалыгын бир эскерт,
Сагынычтан ыйлап алсын чачылып.

Балалыгым – бал татыган мезгилим,
Кайтара албай турасың ээ, эч кимиң.
Туулган жерге кусалыгын таратып,
Айлыбыздын кымбаттыгын сезгиниң.

# САЛЫМ КОШ

Аймактарды өнүктүрүү жылы деп,
Эл башчыбыз баштап жакшы саамалык.
Айылыңды өстүрүүгө салым кош,
Кылган ишиң турсун дайым бааланып.

Айлыбыздан чыккан далай жакшылар,
Түптөп кеткен жолду салып жакшылар.
Келечекке куруп биз да чоң жолду,
Кези келээр урпактарга тапшыраар.

# КОШОЙ-КОРГОН

Кошой атам жердеп өткөн илгери,
Чеби турат, чындыкты айтып дубалдар.
Ошол жерде жашап келе жатабыз,
Жердештерим сыймыктанып, кубанган.

Чуркап ойноп, дубалдардан секирип,
Баасын билбей далай жылды кетирип.
Дагы жакшы, сактап калды агалар,
Баратканда бир топ жери кетилип.

Тегерегин тосуп, карап кайтарып,
Көрчү адамды атайылап алпарып.
Аскар ага жакшы иш кылды бул жактан,
Музей турат тээ алыста заңкайып.

Касиеттүү жерде жашап келебиз,
Сактайлычы Кошой чебин калайык.
Келечекте урпактарга тапшырып,
Баш көтөрүп, жарык жүздүү баралы.

# ЫЙМАН, ПЕЙИЛ СУРАЙЛЫ

Заманыбыз жакшы, баары табылат,
Кийим кийдик улам-улам жаңылап.
Бирок, курбум, ыйман, пейил каякта?
Кеткен өңдүү эмнегедир нарылап.

Кийиминң сонун. Ичиң кандай? Ким билет?
Көк тиктешип, теңине албай диңкийет.
Сырты менен ичи бирдей болсо, ээ?
Сөз сурасаң беттен алып бир тиет.

Жашыбыз да, карыбыз да акча деп,
Дүнүйөлөр алаканга батса деп.
Бири-бирин көз көрүнөө алдашып,
Жада калса саламын да сатса деп.

Антпейличи, оо адамдар, жакыным,
Ыйман, пейил сурайлычы, асылым.
Жаратканым баарын берет сурасаң,
Жакшы деген адам атка татыгын.

# ЭЛ КӨҢҮЛҮН АЛАЙЫН

Таң эртеден басып жүрөм чыйрыгып,
Таттуу сөздөн каймак калпып ыр кылып.
Тарс-тарс этип оокаттарды жасабай,
Жаратканым койбоптурсуң тың кылып.

Чексиз шүгүр, ыр жаздырып койгонго,
Жакшы сөздөр арнап коём тойлордо.
Эл көңүлүн алып жүрсөм болгону,
Акындыкка кадам таштап, чоң жолго.

Байлык топтоп, сарсанаага чөмүлтпө,
Кымбат кийип, көйрөңдөрдөй көрүнтпө.
Бир сап ырды таап алсам байлыгым,
Кошунадан бир да карыш бөлүнтпө.

Кубантсам дейм, бала-чака, тууганды,
Кубантсам дейм кейип, ыйлап турганды.
Кубантсам дейм жакшы сөздөн аябай,
Жардам берип, каалайм колду сунганды.

Бакылдаган ыр төгүлсө сезимден,
Сөз таба алсам жүрөктөн кек кетирген.
Көңүлүнө түйүп алса бир сапты,
Анда ырларым накта бышып жетилген.

Ыраазымын ырды жазып калганга,
Кайдан келген сап экен деп таң калба.
Жакшы гана сөздөн арнап турайын,
Конок болуп, жашап турган жалганда.

# ШЫРДАК ФЕСТИВАЛЫНДА АЛДЫҢКЫ ОРУН АЛГАН ААЛИЕВА ТААЛАЙКАНГА

Кыргыздын шырдагын таанытып,
Кылдаттык сен үчүн бийиктей.
Кыбырап келесиң белсенип,
Кылганың кадимки ийиктей.

Кыргыздын кыздары өзүңдөй,
Кыйырга тааныткан боз үйүн.
Көп эле адамдар жашашат,
Көркөмдөп албастан өз үйүн.

Кынаптап катыра жасайсың,
Кол шилтеп койбостон ишиңди.
Көргөндөр кызыгып карашат,
Көп кылгын аларман кишиңди.

Эмгегиң бааланып элиңе,
Жасай бер, шырдагың бериле.
Уулдарың жардамын беришсин,
Күч-кубат кошушуп демиңе.

Кыргызың барында өйдөлө,
Ким эле белсенип иш кылат.
Кийизди сүйлөтүп өлтүрбөй,
Керектүү жумушун бүт кылат.

Аман бол, элдин ал алкышын,
Дөөлөткө жеткирсин эмгегиң.

Уулдарың көтөрүп сыйласын,
Ошол да турмушту жеңгениң.

## УУЛУМ ТИЛЕККЕ

Эл үчүн иштеп, ак эмгек кылып келесиң,
Темирди ийип, жылыткыч жасап бересиң.
Өнүгүп-өскөн айлына салым кошкондор,
Саналуу жандар жана да менин Тилегим.

Жан үрөп иштеп, жарым саат дагы бош турбай,
Канча элдин алдың алкышын жана батасын.
Башкалар болсо мактанып төшүн кагышмак,
Бир сырдуу болуп, ичиңе бекем катасың.

Эркектей болуп, түз айтып жүргөн кары эле,
Чоңойтуп баккан чоң апаң жакшы жан эле.
Жакшынын жүргүн катарын дайым толуктап,
Сыймыктуу болуп, иштей бер тынбай дагы эле.

Бактылуу болсун ата-энең, бардык жакының,
Өркүндөй берсин күн сайын күчөп акылың.
Иштеген ишиң адалдан дайым сеники,
Үй-бүлөң менен көрө бер жашоо асылын.

# КОЛУНАН КӨӨРҮ ТӨГҮЛГӨН БИЛАЛ АГАГА

Айылды өнүктүргөн саналуу адамдар бар,
Ар иштин көзүн билсе, алдыга кадамдар бар.
Колунан келбесе да чычайып сын айтышкан,
Көрө албас кээ-кездерде арада жамандар бар.

Билалдай агабыз бар иш менен күн өткөргөн,
Эл-журтун эмгек менен алдыга сүрөп келген.
Аянбай эмгек десе техника, тракторду,
Иштетип, тилин таап бир-бирден курап келген.

Эринбей баарын жасап техника, шаймандарды,
Эмгектен эргүү алып, ар күнү жумуш кылат.
“Талыкпа, жалкоо болбо, иштемчил болгула” деп,
Жакшы ишин өрнөк кылып, жаштарга сунуш кылат.

# КАМЧЫБЕК ЖУСУПОВ АГАГА

Эл көңүлүн бурган ушул заманда,
Обондору кеткен алыс ааламга.
Нарынындай күр-шар этип ташкындап,
Күч-кубатты берип турат адамга.

Эли сүйгөн биздин ага Камчыбек,
Укса деле тойбой ырын канча ирет.
Баалап турат эли-журту аздектеп,
Бийик тоодон түшкөн мөлтүр тамчы деп.

Көп жашаңыз элдин алып батасын,
Жүрөктөрдө ырларыңыз жашасын.
Адам баспас тоодон алып эргүүнү
Элге сунат обондордун тазасын.

Жан саласың акындардын ырына,
Сулуу кылып, чыгарасың сынына.
Кандай гана ыр болсо да жөнөкөй,
“Ороп коёт күндүн ысык нуруна”.

# МАДАНИЯТТЫН МЫКТЫ КЫЗМАТКЕРИ ЖУНУСОВА КАНЫКЕЙГЕ

Кадырлуу кызды чоңойткон,
Кара-Суу элдин багы бар.
Каныкей аты бап келген,
Казак-кыргыз каны бар.

Эл баалап, нарктап наам берди,
Сыйлыгын "Нарын атуулду".
Тырышып иште, ак эмгек,
Каалабайт бекер жатууну.

Эл кызы болуп, аман жүр,
Эне-ата сыйлап эмгегин.
Көрөсүң адал иш жакшы,
Баалашат жалпы элдериң.

# БИШКЕГИМ

Бишкегим – кыргызымдын ордосусуң,
Бак-таалай издеп келген ар бир пенде.
Баар тапкан эмгек кылып ак иштесең,
Акыбет кайтып турган маңдай терден.

Күн санап гүлдөп-өскүн борбор калаам,
Жаркырап келген элди тосуп алып.
Көрө албас душмандарың жок болсо экен,
Ар дайым жакшыларды кошуп алып.

Канчанын багын ачтың жарык кылып,
Жалкоосун тилендирдиң карып кылып.
Билгизбей далай жанды ичке катып,
Келесиң өткөн күндү тарых кылып.

Жаркырап күндөн-күнгө өсүп турсун,
Сыймыктуу шаар болуп кыргызыма.
Барктайлы бардыгыбыз чын жүрөктөн,
Айлансын айы, күнү, жылдызына.

# АЙГҮЛ ЭЖЕГЕ

Көп жылдар бою кошуна болуп жашадык,
Көп күндөр өткөн балалык доордун мезгили.
Казактын кызы кыргызга келин болгону,
Ойлонуп туруп, тагдырын өзү чечтиби?

Көнө албай бир аз казагын эстеп сагынып,
Көз жашы агып, туулган жерге жалынып.
Көнбөскө чара жок болгон тура акыры,
Кыргызга калган баш-оту менен багынып.

Кайын-журт баары аздектеп сүйгөн келинин,
Түшүнгөн ылдам салттарын кыргыз элинин.
Төрөдү удаа, төрөгөн эгиз кыздарды,
Бакытка бөлөп, көбөйтүп тукумун теңинин.

Бирине-бири сырдашып муңун төгүшчү,
Билемин абдан бир-бирин жакшы көрүшчү.
Аз дагы болсо беришчү эч бир аянбай,
Эмне да болсо, эл менен дайым бөлүшчү.

Жарынан калды айрылып жапжаш чагында,
Жазганы ошол маңдайга жазган багына.
Булатып түтүт отурат азыр иш кылып,
Уулу экөө салган апапак болгон тамында.

# ЫСЫК-КӨЛҮМӨ

Көп элдердин багына туш келбеген,
Ысык-Көлүм бөксөрбөсүн мелмилдеген.
Касиет бар суусунда ден соолукка,
Эч бир дары өзүңө тең келбеген.

Куштар болуп, бир чумкуп түшөөрүнө,
Канча адамдар жете албай зарлап жүрөт.
Колдо турган алтындын баркы жоктой,
Кээ адамдар көлүмдү булгап жүрөт.

Сактагыла көлүмдү карегиндей,
Сатпагыла жеримди бармак басым.
Суктанышып башка элдин адамдары,
Сулуу сөздү айтышып, алдашпасын.

Сыймыгы кыргызымдын Ысык-Көлүм,
Батасын алып келет ар кыл элдин.
Ден соолукка мүрөктүн суусу болгон,
Жаратканга миң шүгүр бизге берген.

# МАЗМУНУ

Окурманга ... 5
Ырларым ... 8
Чоң апама ... 9
Чоң апам Жээриндиге ... 10
Чоң апамдын шырдагы ... 11
Чоң апамдын жомогу ... 11
Ата-энем ... 12
Кубат алам ... 13
Атакеме ... 14
Жаркын менен Назгүлгө ... 15
Мээримге ... 17
Бүгүн да сени эстедим... ... 18
Алиман эжекеме ... 19
Ата-эне мээрими ... 20
Өкүнүч ... 21
Сагыныч ... 22
Түшүмдө ... 23
Жүрсөң эгер ... 24
Түшүм экен ... 25
Жайлоодогу балалык ... 26
Түшүп калдым жемеге ... 27
Эскерүү ... 28
Жаңы-Жерим ... 29
Шералы байкеме ... 30
Эске түштү эски күндөр кайрылбас ... 32
Өмүрлүк жарым Сукеме ... 33
Сергидим ... 34
Ошол көктөм эсимде ... 35
Карегимден жаш тамар ... 36

Бизди бөлгөндө ........ 36
Апам бизди бөлгөндө ........ 37
Түшүмө кирдиң ........ 37
Апакем тосуп алып узатарым ........ 38
Кейиттим эле, кечирчи? ........ 39
Кечир, апа! ........ 40
Эне баркын кыз билет ........ 41
Тапшырайын ........ 42
60 жашка ........ 43
Пейлибизден көрөлү ........ 44
Ойлонолу, эл-журтум! ........ 45
Сүрөттөгү толгонуу ........ 47
Кошуп коём ........ 48
Ордум берем ........ 48
Акча барда ........ 49
Урпактарга айталы ........ 49
Эскерүү ........ 51
Элиме арноом ........ 52
Туталануу ........ 53
Жаздагы тилектер ........ 54
Келди жаз ........ 55
Кубат болот ........ 56
Неберелер ыйлап турса... ........ 56
Кусалык ........ 57
Окурманыма ........ 58
Калбагын сен жер муштап ........ 59
Демилге ........ 60
Үркүнгө 100 жыл ........ 61
Кечир, бизди ........ 62
Биздин майрам ........ 63
Рамазан ........ 64

Улуу Жеңиш майрамы ........ 65
Ибадат кыл ........ 66
Апаларга ........ 67
Бизди сагынтат ........ 68
Кадыр түнүм ........ 69
Ырым сунайын ........ 70
Сурак болот ........ 71
Топурак буюрсун ........ 72
Эки сап ыр жазганда ........ 72
Кара кулпу алынган ........ 73
Жашап калсын ........ 73
Август түнү ........ 74
Кандай болмок? ........ 75
Эгемен майрам кут болсун! ........ 76
Күз мезгили ........ 76
Күзгү бак ........ 77
Эне тилим ........ 78
Кадырман карыларым ........ 78
Балдарыма ак тилек ........ 79
Күзгү нөшөр ........ 79
Мугалим эже-агайга ........ 80
7-ноябрь ........ 81
Жылып барам ........ 82
Салыштыруу ........ 83
Каалоо ........ 84
Кыштын таңы ........ 85
Сурануу ........ 86
Келе бер, күтөм Жаңы жыл ........ 86
Кайдан табылсын ........ 87
Байлык мурасым ........ 88
Кыштагы толгонуу ........ 89

Чоң апамдын дарысы ........ 90
Жүрөгүм кубанат ........ 91
Кошуналарыма ........ 92
Айрыбагын жолумду ........ 93
Сүйүнүч ........ 94
Өрнөк болсок ........ 95
Кыргыз деген ким өзү? ........ 96
Жаштык кайда? ........ 97
Келинге насаат ........ 98
Кышты узатуу ........ 99
Тилек кылам ........ 100
Өзүбүздөн ........ 101
Небереме ........ 102
Ушул керек ........ 102
Менин байлыктарым ........ 103
Өзүң үчүн баарысы ........ 104
Туулган күнгө карата ........ 105
Ар-намысың каякта? ........ 106
Күз үзүрү ........ 107
Кышым келди кечикпей ........ 108
Үмүт бар ........ 109
Жакшы адам ........ 110
Кошуна керек экен ........ 110
Эне жүрөгү ........ 111
Толсун жакшы кептерге ........ 112
Ыраазычылык ........ 113
Баарын чечет ........ 114
Келээр балким ........ 115
Силер менин алтыным ........ 116
Акын чыгат ........ 117
Узак жаш бер, суранам ........ 118

Көңүлүнө түйүшсүн........................ 119
Күтүү баркы........................ 120
Бай болот........................ 121
Эненин арманы........................ 122
Эсте калаар........................ 124
Жайлоо таңы........................ 125
Кыргыз элим........................ 125
Эненин ыйы........................ 126
Түгөнбөс сыр........................ 128
Нооруз........................ 129
Кыргызымдын кырчындары........................ 130
Бүтүрүүчүлөргө ак жол!........................ 131
Бир кечте........................ 132
Кор болгон сүйүү........................ 133
Өмүр өчтү........................ 134
Жаа жамгырым........................ 135
Классташтарга........................ 136
Бир сап ыр жазып алсам........................ 137
Муктаж кылгын өзүңө........................ 138
Эмне болот?........................ 139
Сыноо берет........................ 139
Бир туугандарыма........................ 140
Из калсын........................ 141
Эске түштү........................ 142
Кыялдануу........................ 143
Кечир, Жаратканым!........................ 144
Мезгилге окшош экенбиз........................ 145
Жаз майрамы........................ 146
Сабыр бер........................ 147
Сенин жапкан наныңа........................ 148
Кечиргиле........................ 149

Айылыма аруу таза ак тилек ........ 150
Туулган жерге ........ 151
Ат-Башым ........ 152
Сазыбызды сактайлы ........ 153
Жарбаң баатырдын эстелигин ачуу
аземине арноо ........ 154
Урпактары унутпайт ........ 155
“Нур шоола” балдар бакчасынын
жалпы жамаатына каалоо ........ 156
Ээсин тапсын ........ 157
Кыргызымдын шырдагы ........ 158
Аалам сенден башталат ........ 159
Салым кош ........ 160
Кошой-Коргон ........ 161
Ыйман, пейил сурайлы ........ 162
Эл көңүлүн алайын ........ 163
Шырдак фестивалында алдыңкы
орун алган Аалиева Таалайканга ........ 164
Уулум Тилекке ........ 165
Колунан көөрү төгүлгөн Билал агага ........ 166
Камчыбек Жусупов агага ........ 167
Нарыным ........ 168
Жаркынга ........ 169
Маданияттын мыкты кызматкери
Жунусова Каныкейге ........ 170
Бишкегим ........ 171
Айгүл эжеге ........ 172
Ысык-Көлүмө ........ 173

Кумаркан Ишеналиева

**ЧАҢ БАСПАГАН ЧАЧЫЛА**

Басууга 16.04.2021-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 11,25 б. т. Нускасы 300.

«Улуу Тоолор» басмасы
Бишкек ш., Ж. Абдрахманов көчөсү, 170а.
тел.: 0772347028; 0705347028 – Кенжебек.